
5 Бабанов-Ташиев тандемин ким бузду?



9 “Элим “патриот” деп айткан деңгээлге чыккым келет”




САРЕСЕП
saresep.kg
22-сентябрь, 2016-жыл
№37 (70)
Калыс көз караш!

# Эне тил кече, бүгүн жана эртең...

11-бетте



Тоогуңан тартып, балыгыңа чейин камсыздандыр

7-бетте



Кыйырда кыйналган кыз-келиндерибиз көбөйдү

6-бетте



Башкарууда жаңы тренд: эркелетип сындаңыз

10-бетте




# Жерүй алтын кенинен түшкөн акча сарптала баштады

Бул жөнүндө облустук жыйында өкмөттүн Таластагы өкүлү Дайыр Кенекеев билдирди. Анын айтуусунда, "Жерүйдөн" түшкөн акчага быйыл облуста 6 мектеп курулууда, айрым айылдарга 45 млн. сомдук айыл чарба техникалары сатып алынып, 4 МТС ишке кирди. Келген каражатка 11 айыл өкмөт 38 долбоор жазып, каржылана баштады. Жалпысынан 128 млн. сомдук долбоор тендерге коюлду.

Долбоорлор негизинен спорт комплекстер, көпүрө, жол курулуштарына байланыштуу.

Таластагы "Жерүй" алтын кенин иштетүү уруксатын Орусиялык "Востокгеолдобыча" ишканасы утуп алып, Таласка "Алтын альянс" ишканасын каттаткан. Аталган компания кен иштетүүгө лицензия үчүн 100 млн. доллар кыргыз өкмөтүнө төлөгөн. Анын 170 млн. сому Талас облусуна, 170 млн. сому Талас районуна, дагы 170 млн. сом кен жайгашкан Бекмолдо айыл өкмөтүнө бөлүнгөн деп билдирди облус башчысы





# Чек арада 23 аймак текшерилди

14-сентябрдан 20-сентябрга чейин Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы чек арада 23 аймак атайын текшерүүдөн өттү. Бул тууралуу кабар тараткан Өзбекстан Тышкы иштер министрлиги анын чоо-жайы тууралуу кошумча маалымат бере элек. Текшерүү иштерин эки өлкөнүн адистери чогуу жүргүзүшкөн.

Ал эми Кыргызстандын Чек ара кызматы текшерүү иштери өкмөттөр аралык чек ара комиссиясы тарабынан жүргүзүлгөнүн кабарлады.

Ташкен эки өлкө ортосунда талаштуу экени айтылып келаткан Үңкүр-Тоодогу телемунара жайгашкан жерге 22-августта күч кызматкерлерин жайгаштыргандан кийин Кыргызстан менен Өзбекстан ортосундагы мамиле чыңалган. 3-сентябрда Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун жана КМШ лидерлеринин саммитин себеп кылган кыргыз тарап, кыргыз-өзбек чек арасын жаап салган. Ал эми Өзбекстан тартип сакчыларын 18-сентябрда алып чыгып кетти. 19-сентябрдан тарта кыргыз-өзбек чек арасы мурунку калыбында иштей баштады.

# Казакстан өкмөтү интернеттин кымбатташын териштирүүдө

Казакстандын маалымат жана байланыш министри Даурен Абаев Кыргызстандагы интернеттин кымбаттоосу боюнча комментарий берди. Буга чейин кыргыз провайдерлери тарифтердин дээрлик үч эсеге чейин жогорулашына казак тарапты күнөөлөгөн.

«Биз бул маселени кылдат териштирип жатабыз. Кыргызстанга интернет жеткирүү милдетин жеке компаниялар жүзөгө ашырат. Азыр жеткирүүчүлөр бааны жогорулатуу боюнча кутумга барышканбы деген маселени карап жатабыз. Бул базар мамилеси болгондуктан өлкө ашкере кирише албайт. Эгер баа кутуму бар болсо, анда териштиребиз. Бул жерде дагы бир фактордү эске алыш керек, биз интернетти Орусиядан алабыз. Бул дагы баа саясатына таасир этет», – деди Абаев.

Буга чейин Кыргызстандын Операторлор ассоциациясы Казакстан интернет тарифин 1,5-3 эсе жогорулатканын билдирген. Жаңы баа саясатынын себептери ачык айтылган эмес. Мындан кийин айрым жергиликтүү операторлор тарифти көтөрүп же ылдамдыкты азайткан болчу.



# Референдум жөнүндөгү мыйзам долбоорун экинчи окууда жактырды

Жогорку Кеңештин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана регламент боюнча комитети бүгүн Референдум жөнүндөгү мыйзам долбоорун талкуулап, экинчи окууда жактырды. Бул тууралуу парламенттин басма сөз кызматы билдирди. Комитет мүчөсү, депутат Иса Өмүркуловдун "Азаттык" радиосуна билдиришинче, эми документ 21-22-сентябрдагы жалпы отурумда эл өкүлдөрүнүн сынына коюлат. Документ алтынчы чакырылыш жайкы эс алууга тараганга чейин биринчи окуудан өткөн.

Комитетте бул маселени талкуулоо учурунда талаш-тартыш чыгып, демилгечилер ага катышуудан баш тартышты. "Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев мыйзам долбоору шашылыш жана регламентти бузуу менен кабыл алынганын билдирип, аны бир жумадан кийин талкуулоону сунуштаган. Бирок ал колдоо таппай, мыйзам долбоордун авторлору Өмүрбек Текебаев, Алмамбет Шыкмаматов, Тынчтык Шайназаров жана Бакыт Төрөбаев отурумдан чыгып кетишти. Ага карабай көпчүлүк добуш менен документти жалпы жыйынга алып чыгуу чечими кабыл алынды.



Референдум жөнүндөгү мыйзам долбоорунда жалпы элдик добуш берүү өткөрүүнүн эрежелери жазылган.



# Ала-букалык ишкер компот чыгарууда

Ала-Бука районунун Ала-Бука айылынын тургуну Хайрулло Абдуллаев 3 ай мурда атайын компот чыгаруучу цех ачып, ишкерлик кыла баштады.

«Азыр компоттун банкасы 120 сомдон сатылууда. Эң негизгиси экологиялык таза азыктар колдонулат. Кардарлар күн санап көбөйүүдө. Азырынча күнүнө 1000 литр компот жабууга мүмкүнчүлүк бар. Буюрса күнүнө 2000 литрге чейин компот жабууну пландап жатам», – дейт ал.

Учурда бул цехте 3 адам иштейт. Анда компоттон сырткары бадыраң менен помидор да туздалат.

# Мамлекеттик тил күнүнө карата конференция болуп өттү

21-сентябрда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде Мамлекеттик тил күнүнө арналган илимий-практикалык конференция өттү. Бул тууралуу министрликтин басма сөз кызматы билдирди.

Конференция «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» боюнча улуттук программаны жүзөгө ашыруу максатында өткөрүлдү.

Семинардын алкагында катышуучулар компьютердик тест, мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоочу «Кыргызтест» системасы менен таанышып, мамлекеттик тилди «Кыргызтест» системасы аркылуу өнүктүрүүнүн мындан аркы кадамдарын талкуулашты.



Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 5200**
**Буйрутма № 2074**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Кыргыз тилин билбесең окуу жайга өтпөйсүң



**Өлкөбүздө жылына 23-сентябрь күнү кыргыз тилинин майрамы белгиленет. Тилибизди өнүктүрүү үчүн акыркы кездерде көп аракеттер жасала баштады. Алардын бири мамлекеттик тилди Кыргызтест системасы аркылуу өнүктүрүү сунушу болууда. Кыргызтест эне тилибиздин өркүндөшүнө кандай салым кошо алат деген суроо менен "Манас" университетинин профессору, филология илиминин доктору Замира Касымбековнага кайрылдык:**

– Тилди үйрөтүүдө үч орчундуу маселе бар. Тилди өнүктүрүү, тилди үйрөтүү жана тил боюнча билим деңгээлин баалоо. Бул ар бир тилге тиешелүү. Биз тилдин өнүгүшү үчүн ушул үч ыкманы жакшы деңгээлде кармашыбыз керек. Негизи бул Кыргызтест тилдин кандай үйрөтүлгөндүгүнүн натыйжаларын көрсөтчү система. Буга чейин бизде баалоо системасы жок болгондуктан, тил боюнча бир аз суроолор бар болчу. Мындай караганда баарыбыз эле кыргызча сүйлөшүп, ой пикирлерибизди түшүндүрө алабыз. Бирок бир тилде бири-бирин түшүнгөн эки адамдын баары бир тил боюнча деңгээли ар башка болот. Эгерде мен тилди күнүмдүк тиричиликте эле колдонсом, анда аны эң төмөнкү деңгээлде билген болом. Экинчи деңгээл – мектепте билим алуу жолу менен колдонуу. Дал ушул мектеп учурунда тил билүүнүн өзөгү калыптанат. Жогорку деңгээл – академиялык чөйрөдө колдонуу болсо, эң жогорку кесиптик чөйрөдө колдонуу. Кыргыз тилин өнүктүрүүдө азыр деңгээл чабал. Ал үчүн дагы иштеш керек. Азыр болсо кесиптик чөйрөдө баары орус тилинде болуп, кыргыз тили өзүн көрсөтө албай жатат. Ушулардын баарын чогултуп келгенде Кыргызтест аркылуу адамдын тил билүү деңгээли талапка жооп бере алабы деген суроолорго жооп изделет. Эгерде биз бул баалоо системасын ишке киргизип алсак, биз үчүн жакшы болмок. Кыргызтест атайын деңгээлдерге бөлүнөт. A1,A2,B1,B2,C1 болуп. Мектепти бүтүргөн бала B1 деңгээлин билиш керек. B1 деңгээлинде билген окуучунун окуу жайга өткөнгө акысы бар. Эгер окуу жайга тапшырып жатып кыргыз тилдин деңгээлинен өтпөй калса, кайрадан даярданып, курстарга барып, тест тапшырат.

# Компроматтардын согушу коом үчүн пайдалуу



**Алмазбек Атамбаевдин Түркияда ооруп калуусу тууралуу ар кандай сөздөр болууда. Кээ бирөө муну Р.Отунбаеванын БУУнун ассамблеясында сөз алуусуна байланыштырса, кээ бирлер Текебаевдин жарга такап койгонуна байланыштырууда. Натыйжада, коомдук активист Гүлжигит Исаковго кайрылып Атамбаевдин азыркы абалы тууралуу кандай ойдосуз» деп суроо салып, мындай жооп алдык:**

«Атамбаев чын эле ооруп калдыбы же калп элеби» деген коомдогу кептерге азырынча так бир нерсе айта албайбыз. Акыркы бир айда эле эларалык мамилелерге байланыштуу, ички саясатка жана миграцияга байланыштуу бир топ окуялар болду. Президентибиз ырларын коомго жарыялады. 60 жылдык юбилейин белгиледи. Ушулардын баарын бир тизмеге алып, саресеп салчу болсок, бул окуялар "зиг-загты" элестетет. Атамбаевдин БУУнун жыйынына барбай калганы менен натыйжа жагынан "бир ок менен бир нече коён атты" десек жаңылышпайбыз.

Биринчиден, "Барбай койгон жокмун. Жөнөп бара жаттым эле, жолдо ооруп калдым. Ден-соолукка эч кимдин кепилдиги жок" деген позиция бар. Бул такыр барбай койгондон көрө жакшы позиция.

Экинчиден, Отунбаеванын тышкы байланыштары абдан күчтүү. Демек, каалаган позициясына ылайык лобби иштерин жүргүзө алат. БУУнун жыйынында талкуулана турган курч маселелердин жанында Кыргызстандын маселелери экинчи орунда кала турганы маалым болсо дагы, ал жердеги айтылган кепти тийиштүү топ Кыргызстандын ички саясатында курал катары колдоноору бышык. Атамбаев ал жакка барбай калышы менен бул маселенин азыраак талкууланышына кандайдыр бир деңгээлде себепкер болот.

Үчүнчүдөн, Текебаев менен Атамбаевдин ортосунда болгон компроматтар согушу тууралуу айтчу болсок, "компроматтардын достугуна" караганда, "компроматтардын согушу" коом үчүн пайдалуу го деген ойдомун. Анткени коомдун чындыкты билгенге түздөн-түз акысы бар. Жоопкерчилик жагынан алып караганда дагы такыр жоопкерчилик албай туруп жалаң интрига чыгарган кишиге караганда, элге жаман көрүнсө дагы жоопкерчилик алган киши бир баш өйдө болот. Анан эң маанилүүсү, компроматтар согушу логикалык жыйынтык менен бүтөбү, же эки айсбергдин жогорку жактары гана көрсөтүлүп, тереңдиги тууралуу маалыматка ээ болбой калабызбы деген суроону дагы көз жаздымда калтырбашыбыз керек.

# Айкүр оюну бильярдга чоң атаандаш болот

**Кыргыздын улуттук чүкө оюндарын бириктирген "Айкүр" федерациясы 21-сентябрда алгачкы бет ачарын жасады. Анда упай, кыйыр жана топ таш оюндарынын эрежелери көрсөтүлдү. Федерациянын максаты көчмөн оюндарын замандын талабына ылайыкташтыруу жана эл аралык деңгээлге алып чыгуу болуп саналат. Федерациянын негиздөөчүлөрүнүн бири, улуттук спорт мекемесинин жетекчиси Касенов Алмазбектин айтымында чүкө оюндарын бильярддын атаандашына айлантууга толук мүмкүнчүлүктөр бар.**



– Чүкө оюндарын азыр жаштар эле ойнобосо, улуу муун кызыкпай калган. Анткени бул оюндар көчө-көйдө, чаң топурактын арасында ойнолот. Андагы айрым эрежелер курсактуу адамдардын ойношуна бөгөт болот. Классикалык кийим менен отура калып мээлөө, ары-бери чуркоо мүмкүн эмес. Адамдарга биринчи эле кезекте шарттын болуусу маанилүү. Заманга жараша азыр эч ким көчөгө чыгып алып чаңдын арасында чүкө ойногусу келбейт. Биздин ордо жана башка оюндардын өнүкпөй жатканына дал ушулар себеп. Ал эми бильярддагыдай жагымдуу шарттар болсо айкүр оюндары акырындап жайыла баштамак. Бильярд стол оюндарынын ичинен бүткүл дүйнөдө жападан-жалгыз монополисттик кылып жатат. Ага атаандаша турган башка оюн жок. Ошол эле учурда бильярд "Luxury" статусундагы жогорку класстагы оюндардын катарында турат. Чүкө оюндарын да ушул тепкого кошууга болот. Анткени илгери ата-бабалар ортого бир баалуу буюм, тай же торпок коюп ойношкон. Бирок бильярд десе эле туура бильярдды элестетпешибиз керек. Айкүр стол үстүндө ойноло турган бильярддын аттандашы болот. Азыр тайпага бөлүнгөн адамдарга жаңыланган эрежелер менен ойнотуп жатабыз. Бардык өлчөмдөр эсептелинип бүткөндө столдун бет ачарын кылабыз. Анын өлчөмдөрү бильярдыкынан башкача болот. Дене тарбия жана спорт агенттиги бул долбоорду колдоп, аккредитациядан өткөрүп берсе, келечекте Казакстан, Орусияга Айкүр федерациясын ачууну пландап жатабыз. Атайын беттештер 2017-жылдан баштап жүргүзүлөт. Беттештин жеңүүчүсүнө алтын чүкө берели деп турабыз.

# Бардыгына бийлик өзү түрткү берип жатат



**Башмыйзам өзгөрөт дегенден бери саясатта абал тынч эмес. Элге аты чыккан саясатчылар, коомдук ишмерлер, юристтер, кызматкерлер, айтор, кайда караба эки жээкке бөлүнүп калды. Ушундан улам «Референдумга жол жок!» кыймылынын координациялык кеңешинин мүчөсү Мавлян Аскарбеков менен байланышып «Бийлик болбой эле референдумга карай кете берсе көтөрүлүп чыгасыздарбы? Бул аракетиңер Кыргызстандын коопсуздугуна коркунуч жаратат деп коркпойсуздарбы?» деген суроо менен кайрылып төмөнкүдөй жооп алдык:**

КР Конституциясында «Бийлик ээси эл» деп так жазылып турат. Коомдук угуулар эл үнүн угуу, кеңешүү үчүн өткөзүлөт. Бирок, референдум мыйзамы, Конституцияны өзгөртүү боюнча коомдук угуулар өтпөй, эл үнү угулбай, сиз айткандай бийлик өз билемдик менен болбой эле референдум, Конституцияны өзгөртүү аракети жүрүп жатат. Кечеги күндүн, Акаевдин, Бакиевдин кетирген каталарынан сабак алышпаптыр.

Жогорку Кеңештин депутатын өлтүргөн, күч органдарынын кызматкерлерин барымтага алган, кылмышкер, мыйзамдагы ууру Азиз Батукаевди ким чыгарды? Сотто иши карала элек, түрмөдөн атайын качырылып, террористтер деп, тирүү кармабай 13 кишини атып салган ким? 2012-жылы жашыруун, казак тарапка Таластан 4,5 миң га жерди, Чүйдөн 800 метр стратегиялык жолду ким сатып жиберди? Экономикалык коопсуздукка чоң зыян келтирген, коррупциянын туу чокусу болгон Кумтөр маселеси эмнеге чечилбейт? Бир нече ирет басып кирип, жарандарыбызды барымтага алып, Ункар-Тоону басып алганда бийлик кайда эле? Бүгүн да биздин Орто-Токой суу сактагычыбызды басып жатат. 6 жылдан бери башкарып, кетээр алдында Конституцияны өзгөртөм деп эл арасына булүк салган ким? М.Бакиевдин жерин басып алып, там салып, элди экиге бөлүп, бирине-бирин тукуруп жаткан ким? Бул тизмени уланта берсек болот.

Бүгүн Президенттен баштап, айыл өкмөтүнө чейин КСДП партиясынан, дагы эмне керек, эмне жетишпей жатат? Бул узурпация эмеспи? Ден-соолугу начарлап, физикалык жана моралдык жактан чарчап бүткөн Президент, сый-урмат менен эле, убактысы келгенде тынч өткөзүп берип, эл батасын алып кетип калбайбы? Референдум өткөзүшөбү, Конституцияны өзгөртүшөбү, аягы эл көтөрүлүп, дагы бир ыңкылап болуп кетүүсүнө бул бийлик түрткү болуп, шарт түзүп жатат.

# Экономикс

Экономисттердин ар башка илимий ыкманы колдонуусу жана түрдүү баалуулуктарга таянгандыгы алардын кээ бир маселелерде келишпестигин шарттайт. Бирок бул келишпестикти апыртып албаш керек. Алар экономиканын негизги маселелерине карата бирдиктүү көз-караашта

*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Ой жана турмуш: Евробиримдик ич ара соодасын чектебейт

Бизнес, саясат жана илим менен шугулданган экономисттерди сурамжылаган соң алардын экономикалык саясатка тиешелүү басымдуу көпчүлүгү колдогон он жобо 2.2–жадыбалда чагылдырылды. Албетте, бул он тезис экономикалык саясаттан алыс калың журттун жапырт колдоосуна арзыбашы мүмкүн.

Алардын бири мамлекеттер аралык сооданы чектеген импорттук *тарифтер* менен квоталарга** тиешелүү. Экономисттердин дээрлик бардыгы эркин сооданы кандайдыр бир жол менен чектөөгө каршы. Чын-чынына келгенде бул каршылык Евробиримдиктин пайда болуусунун жана ага башка мамлекеттердин кирүүсүнүн негизги себептеринен болгон. ЕБге кирген мамлекеттердин ортосундагы эркин сооданы бир да тариф жана квота чектебейт. Бирок Евробиримдикке сырттан кирген товарларга тариф жана квота саясаты кеңири колдонулат.

## Тариф согушу экономиканы укпайт

Америка Кошмо Штаттарында да президент менен Конгресс көп жылдардан бери кээ бир товарлардын кирүүсүн чектеп келет. Мисалы, 2002–жылы АКШнын ал кездеги президенти Жорж Буштун администрациясы америкалык ишкерлерди атаандаштарынан коргоо ниетинде сырттан кирген болотко жогорулатылган бажы тарифтерин койгон. Евробиримдик АКШдан Европага кирген товарларга бажы төлөмдөрүн жогорулатам деп коркутканда гана америкалыктар бул саясатынан кайткан. Бул маселе боюнча экономисттер эч кандай чектөө киргизүүгө болбойт деген бир пикирде болушканы менен саясатчылар ага кулак салган эмес.




## Маяна кимдин башына таяк?

2.2–жадыбалдагы дагы бир жобо айлык маянанын эң аз өлчөмүн киргизүүгө байланыштуу. Сурамжыланган экономисттердин 80%ы минималдык айлык акынын өлчөмүн бекитүү жаштардын арасындагы жумушсуздук менен кара жумушчулардын санын арттырат деген. Буга карабай АКШ, Евробиримдиктин сегиз өлкөсү жана Британияда минималдык маянанын өлчөмүн мыйзам менен бекиткен. Албетте, экономисттер минималдык маянанын чегерилүүсүнө каршы эмес. Алардын кээ бири белгиленген деңгээлден жогору минималдык эмгек акы киргизүү жумушсуздуктун артышын шарттайт деши мүмкүн. Башка жагынан карасак мындай экономикалык саясат экономикада өндүрүлүп жаткан кызмат менен товарлардын орточо сапатын кичине да болсо арттырышы мүмкүн. Мындай ыкма төмөн маяна төлөп, товары же кызматын арзан баада сатып, базардагы атаандаштыкта жеңип чыгам дегендердин жаман оюн чектейт. Жалпысынан алганда мындай саясат экономикага таза киреше киргизет. Эстен чыгарбайлы, адамдар тандашат.

## Мына сизге дагы бир жадыбал

Экономисттердин бир пикирге келген жагдайлары 2.3–жадыбалда да берилген. Ал Британиянын Каржы министрлигинин башкы экономикалык кеңешчиси жана ошол эле убакта Оксфорд университетинин Падышалык коллежжинин ректору Алан Буддун Word Economist журналында жарык көргөн макаласынын негизинде даярдалды. Буддун оюу боюнча жадыбалдагы жоболордун көбү тажрыйба менен тастыкталган. Бул китептеги материалдарды изилдөө үчүн эки жадыбалдагы маалыматты көңүлгө түйүп алуу пайдалуу болот.

### Экономикалык сөздүк:

**Тариф** бул жерде **Бажы тарифи** – экономиканы тескөө үчүн колдонулган бажы саясатынын куралы. Тариф импорттук жана экспорттук деп экиге бөлүнөт.

**Квота** (лат. quota) — конкреттүү келишим же макулдашуу боюнча белгиленген мөөнөт аралыгында бир нерсенин өндүрүүсүн, сатылуусун, керектелүүсүн экспорт же импорттолуусун чектөө.

**Ишкердик цикл** (Business cycle) – экономикалык абал салыштырмалуу туруктуу болгон мөөнөт.

**Трансферт** (бул жердеги мааниси) – бүтжеттен каралган акчалай жардам. Мисалы, республикалык бүтжеттен регионалдык бүтжетке каражат которуу.

**Терс киреше салыгы** (англ. Negative income tax, NIT) – маянасы камсыздалган минимумдан төмөн түшүп кеткен жумушчуларга киреше салыгын салбай, тетирисинче, кошумча каражат төлөө.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

| Экономисттер билген жана колдогон тезистер |
|---|
| Талап ийри сызыгы солдон оңго ылдый карай багытталганын экономисттер билет.<br>*Бул боюнча салттуу экономикалык абалда өндүрүмдүн баасы өскөн сайын ага болгон талап төмөндөйт.* |
| Сунуш ийри сызыгы солдон оңго жогоруга карай багытталганын экономисттер билет.<br>*Бул өндүрүмдүн баасы өскөн сайын анын сунуму да жогорулайт.* |
| Экономисттер киреше өскөн сайын кирешенин тамак-ашка бөлүнгөн көлөмү төмөндөйт экенин билет.<br>*Бул абал немис экономисти Эрнст Эгелдин атынан Эгел мыйзамы деп аталган. Аны менен калктын кедей жана бай катмарынын кирешесинен тамак-ашка ушаткан бөлүгүн ченөө менен чектелбестен, экономикалык өнүгүү нугуна түшүп байыган өлкөлөрдө улуттук кирешенин тамак-ашка сарпталган бөлүгү төмөндөгөнүн байкаса болот (бул кыргыздарда иштебеген мыйзам болушу мүмкүн :) ).* |
| Экономисттер өлкөлөр же инсан салыштырмалуу артыкчылыкка ээ болсо, соодадан пайда табарын билишет.<br>*Бул боюнча өлкө өзүнө ылайыктуу товар жана кызмат өндүргөнү жакшы. Бир же бир нече тармакта адистешсе ал коңшу мамлекеттерге да, дүйнөлүк соодага да пайдасы тиет. Бир товарды чыгарууга умтулган өлкө аны өндүрүүнү күчөтүш үчүн башка товарларды өндүрүүнү басаңдатат. Бирок өлкө жакшыраак өндүрө алчу товарды чыгарууну күчөтүү менен өндүрүшүнүн жалпы көлөмүн өстүрөт. Башка өлкөнүн товарына алмашуу менен эки мамлекеттин тең бакыбаттуулугу мурункуга караганда жогорулайт.* |
| Экономисттер бир адамдын эмес жалпы коомчулуктун туруктуулугу тууралуу ойлонуусу керек экенин билишет.<br>*Экономикалар миллиондогон өз ара байланышкан базарлардан турат. Экономист эместер өз базарынын туруктуулугу жөнүндө гана ойлоно алышат. Алар башка тарап эч киреше таппаса же чыгымга учураса да мейли деген экономикалык чечимди күтүшөт. Экономиканын кандай иштегендигин көрө билүү кабыл алынып жаткан экономикалык чечимдин кесепети кандай болорун жакшыраак түшүнүүнү шарттайт.* |
| **Экономисттер кайтарымсыз чыгымдар баа бычуу чечимдерине таасир бербеши керектигин билишет.**<br>*Кайтарымсыз чыгым бул буга чейин сарпталып кеткен, келечекте кандай экономикалык аракеттер болбосун кайтып келүүсү мүмкүн болбогон чыгашалар. Мисалы, Көчмөндөрдүн эл аралык оюндарын өткөрүү үчүн Чолпон-Атанын тегерегинде жана ичинде салынган инфрастуктуранын илимий баалуулугу тууралуу гана сөз кылсак болот. Мындан кийин Чолпон-Ата менен Тамчы аэропортунун ортосундагы жолду жана курулган имараттарды колдонууга канча каражат кетет деген маселе менен баш оорутуу керек.* |
| **Экономисттер менен экономист эместердин билиминде айырмачылыктар бар.**<br>*Бул келечекте «экономика тууралуу жомокторду» укканда белгилүү болот.* |

| Экономистин көпчүлүгү колдогон он тезис | | |
|---|---|---|
| № | Тезис | пайыз |
| 1 | Ижара төлөмүн чектөө орто баадагы турак жайдын саны менен сапатын төмөндөтөт. | 93 |
| 2 | Импортко киргизилген төлөм жана квоталар адатта жалпы экономикалык бакыбаттуулукту төмөндөтөт. | 93 |
| 3 | Акчанын жумшак жана эркин курсу эл аралык валюта системасындагы абалды натыйжалуу багыттоого мүмкүндүк берет. | 90 |
| 4 | Салык-бүтжет саясаты (мисалы салыкты төмөндөтүү же/жана мамлекеттик чыгымдарды көбөйтүү) калкы жумуш менен жетишсиз камсыздалган мамлекеттин экономикасын убактылуу жандандыра алат. | 90 |
| 5 | Мамлекеттик бүтжетти жыл сайын эмес, бир *ишкердик циклдин** аралыгында теңдөө туура болот. | 85 |
| 6 | Каражаттарды же жеңилдетүүлөрдү бөлүштүрүүдө баарына бирдей суммадагы *трансферт** чегергенден көрө, зарыл жерлерге түздөн-түз акча ушатуу керектөөчүлөрдүн экономикалык абалын жакшыртат. | 84 |
| 7 | Мамлекеттик бүтжеттин олуттуу жетишсиздиги экономикага терс таасир тийгизет | 83 |
| 8 | Минималдык маянанын өлчөмүнүн мамлекет тарабынан бекитилүүсү жаштардын жумушсуздугун жана кара жумушта иштегендердин санын арттырат | 79 |
| 9 | Өкмөт коомдук камсыздоо системасын «*терс киреше салыгын*»* төлөп бергендей кылып өзгөртүүсү зарыл. | 79 |
| 10 | Өндүрүш мекемелеринин зыяндуу заттарын табиятка тыштоосун чектөөдөн көрө мындай аракеттен алынган салыкты жогорулатуу натыйжалуураак болот. | 78 |

# Бабанов-Ташиев тандемин ким бузду?

**Бийликтин Баш мыйзамды өзгөртүү аракетине байланыштуу президент Алмазбек Атамбаев менен анын мурдагы санаалаштарынын ортосунда ажырым күчөп баратат. Коомчулукта Өмүрбек Текебаев өңдүү улкөн саясатчынын катуу билдирүүлөрүнө укуктук баа берилиши керектиги айтыла баштады. "Саресеп" гезити ушул темада мурдагы маданият министри, "Ата-Журт" партиясынын лидерлеринин бири Нурлан Шакиевди сөзгө тартты**

**Соңку саясий окуялар боюнча "Ата-Журт" партиясы кандай көз караште?**

Акыркы убакта саясий абалды "Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев абдан курчутуп жиберди десек болчудай. Коомчулук аны чоң саясатчы катары кабыл алат. Ал катардагы эле бирөө эмес, тажрыйбасы мол, саясатта улкөн орду бар адам. Ошондой эле парламенттеги фракция жетекчиси, көпчүлүк коалиция мүчөсү. Андыктан анын айткандары олуттуу мааниге ээ. Текебаевдин өзгөчө "мыйзамдагы ууру" Азиз Батукаев боюнча президентти айыптаганы катуу талкууга түштү. Ошол себептүү Текебаевдин маалыматтары терең иликтениши шарт. Бул жааттан алып караганда "Ата-Журт" партиясы болуп аткан окуяларды четте карап турбайт. Биз Текебаевдин айткандары боюнча көз карандысыз коомдук комиссия түзүүнү сунуштап жатабыз. Комиссия мунун баарын иликтеп чыксын. Анткени эл кимдин чын, кимдин жалган айтып жатканын билиши керек. Кайым айтышуу улана бере турган болсо коомдо чыңалуу жаралат. Мунун аягы кейиштүү кесепеттерге алып келиши ыктымал. Дагы айтып кетүүчү жагдай, коомдук комиссиянын курамына мурдагыдай "дүжүргө" айланган саясатчылар эмес, ой-чабыты кенен жаш саясатчылар тартылса акыйкат бүтүм чыкмак.

**Ушул кайым айтышуулардын башаты Баш мыйзамга барып такалууда. Ага өзгөртүү киргизилиши керекпи?**

Конституцияны өзгөртүү керек. Анткени, ал ошол кездеги кырдаалга жараша шашылыш кабыл алынып калган. Аны келечектин Конституциясы деп айтууга болбойт. Андыктан сөзсүз өзгөртүү киргизип, кабыл алуу зарылдыгы турат. Кайсы бийлик болбосун өзүнө ылайыктап Баш мыйзамды өзгөртүп жазып алганы биздеги эң чоң катачылык болууда. Бул бийлик кеткенден кийин деле кийинкиси келип өзүнө ылайыктуу болгон Баш мыйзам жазууга киришет. Себеби, Кыргызстанда бул өнөкөт адатка айланды. Эми мындайга жол бербөө үчүн болочок үчүн иштей турган Конституция жазышыбыз керек. Ошондо гана өнөкөт токтойт деген ойдомун. Бирок азыркыдай шашылыш, чукул өзгөртүү кажет эмес. Укук коргоо тармагындагы адистер, тажрыйбалуу юристтер, эксперттердин катышуусунда конституциялык кеңешме түзүп, кенен-чонон, керек болсо жарым жыл убакыт ичинде шашпай, ийне-жибине чейин терең талкуулап, келечектин Баш мыйзамын жазганга эмнеге болбосун?

**Баш мыйзамга сунушталып жаткан азыркы өзгөртүүлөрдүн эмнеси менен макул эмессиз?**

А дегенде эле премьер-министр жана анын орун басарлары депутаттык кызматтан барган болсо, мандаты сакталат деген жобого карама-каршымын. Мындай болгон учурда өкмөт башчы эч кандай жоопкерчиликти сезбейт, эч качан коркпойт. Себеби, премьерликтен же орун басарлыктан кетсе кайра депутат болуп отурат да. Бул биринчи жагы. Экинчиден, аткаруу бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлиги аралашып калып атпайбы. Булардын экөө тең өз алдынча институт болгондуктан, бул эреже алынышы керек. Ушул сыяктуу оркойгон кемчиликтер бар.

**Жогорку Кеңештеги "Республика – Ата-Журт" фракциясынын лидери Өмүрбек Бабанов Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөрдү колдоп жатат. Бул "Ата-Журттун" позициясын билдирбейби?**




**Өмүрбек Бабанов менен Камчыбек Ташиев 2015-жылдын шайлоо учурунда**

Шайлоо алдында биздин партия өз долбоорун элге сунуш кылган. Анда Конституция кандай болушу керектиги камтылган. Ага ылайык, эң оболу башкаруу формасы президенттик болушу керекпи же парламенттикпи деген суроону кабыргасынан коюп, тандап алалы дегенбиз. Ошондон кийин гана Баш мыйзам жазылышы керек деген пикирде болчубуз. Мындан тышкары, шайлоо алдында биздин долбоордо бир топ эрежелер бар болчу. Маселен, прокуратураны жоюп, анын милдетин Адилет министрлигине жүктөө сунушталган. Азыркы кезде Өмүрбек Бабанов колдоп жаткан өзгөртүүлөрдөн ушул позициялардын бирин да көргөн жокмун. Ошол эле маалда баса белгилеп кетчү нерсе, парламенттик шайлоо алдында биз эки палаталуу парламент болушу керек деген ураан менен чыкканбыз. Биздин демилге боюнча, Жогорку Кеңеш Эл өкүлдөр жана Мыйзам чыгаруу палатасына бөлүнүшү керек эле. Ушул айтылгандардын баары жок экенине карабай Бабановдун өзгөртүүлөрдү эмне себептен кубаттап жатканы түшүнүксүз. Анын шайлоо алдында башка нерсени айтып, жеңишке жеткенден кийин ою өзгөрүлүп калганына таң калуудамын.

**Ошондо Бабанов-Ташиев тандеми бузулдубу?**

Кагаз жүзүндө, юридикалык жактан тандем бар. Бирок иш жүзүндө жок. Азыр келишимде аткарылбай жаткан жагдайларды арай көз чарай талкуулап, аныктап чечип алуу жагы гана калды. Укуктук жактан бул нерсеге чекит коюу керек. Учурда фракцияда 28 депутат болсо, "Ата-Журттун" квотасы менен 10 депутат иштеп жатат. Бирок алардын канчоосу биздин партиянын көз карашын, саясатын колдой турганы так эмес.

**Тандемди ким бузду? Эмне себеп болду?**

Башында бир топ келишимдер түзүлгөн. Бирок анын көбү аткарылган жок. Ошол себептүү тандем ыдырады. Анын баарын биригүү жокко чыгарылганын расмий жарыялагандан кийин айтабыз.

**Парламенттин ишине берген бааңыз кандай?**

Менимче, парламент үчүн 120 депутат өтө көптүк кылат. Алардын санын 105ке түшүрүү керек. Анын 60ы мыйзам чыгаруу, 45и эл өкүлдөр палатасына мүчө болуп же 60 депутат партиялык, 45 депутат бир мандаттуу тизме менен аймактардан шайланууга тийиш. Антпесе аймактагы көйгөйлөр көтөрүлбөй калууда. Партияга ар кандай адам кирип кетет экен. Мисалы, бир аймактан онго чукул адам депутат болуп шайланып, бир жерден таптакыр эч ким жок болуп калган учурлар бар.

**Эми кепти акыркы маалда саясаттан кийин эле орчундуу маселе болуп турган чек арага бурсак. Аксы районунда кыргыз-өзбек чек арасына байланышкан талаш-тартыштар тынымсыз эле орун алып келүүдө. Буга чекит коюлбай жаткандыгынын себеби эмнеде?**

Биринчиси, жогорку бийлик жетиштүү иш-аракеттерди көргөн жок. Ошондой эле жергиликтүү бийликтин шалаакалыгы себеп. Анткени жогору жакты эле карап отура бербей райондук жана облустук бийлик, Чек ара кызматы катуу иштеш керек болчу. Маселен, мурда мындай маселелерди кадыр-барктуу аким, губернаторлор эле чечип койчу. Бүгүнкү күндө начар аким, губернаторлор бийликте отурат. Алар эч кандай сүйлөшүү жүргүзбөй жогору жактын оозун тиктеп отура беришет. Мындай учурлар буга чейин деле көп болгон. Мисалы, Бекмамат Осмонов, Шермамат Осмоновдордун убагында кездешкен. Алар жогору жакка жеткирбей эле чечип коюшчу да. Райондук, облустук бийлик башында күчтүү, кадыр-барктуу адамдар турганда мындайга жол берилмек эмес.

**Кыргыз-өзбек чек ара көйгөйүн президенттердин сүйлөшүүлөрү гана чече алат деген пикирлер көп айтылып жүрөт. Жогорку деңгээлдеги аракеттерди баштоого эмне жолтоо болууда?**

Негизинен Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек аралардагы талаштуу аймактардын баарын президенттердин деңгээлинде чечүү зарыл. Бирок ага чейин убакыт бар. Чек ара кызматы, өкмөттүн алдындагы делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча иш алып баргандар дыкат иштөөсү зарыл. Алар баарын даярдап бүткөндөн кийин мамлекет башчылар сүйлөшүүгө чогулат.

ДАРЫЯ МУРАТ КЫЗЫ

# Кыйырда кыйналган кыз-келиндерибиз көбөйдү

Буга чейин миграция агымына эркектер тартылып келгени менен, акыркы убакта мигрант айымдардын да саны өстү. Чет жерде жүргөн кыз-келиндерибиз ар кандай басмырлоого дуушар болуп, укуктары тепселеген учурлар арбыды

## Аялдардын көпчүлүгү бирөөнү ээрчип барышат

Жакырчылык, жумушсуздук жана төмөн айлык акыга дуушар болгон ар бир кыргыз чет жерге бакыт издеп жөнөйт. Аялдардын жалгыз, же күйөөсү менен миграцияга агылышынын негизги себеби өзүнүн каржы абалын жакшыртып, үй-бүлөсүнө жардам берүү.

Анткени менен мигрант айымдардын өсүшү жаш балдарга дагы таасир бербей койгон жок. Экономикалык жетишсиздик өспүрүмдөрдү ата-энеси менен, же алардын бирөөсү менен, а кай бир учурда жалгыз миграция жасоого түрттү. Орусиянын федерациялык миграция кызматынын берген маалыматына ылайык, 2016-жылы катталган кыргыз мигранттардын 18 пайызын бойго жете электер түзгөн.

Зордук-зомбулукка кабылуунун негизги себеби туура эмес документ, же анын дээрлик жоктугу. Жалпысынан кыргыз мигранттарынын 60 пайызында чет өлкөдө керектелчү документ толук эмес. Ушундан улам жумуш берүүчүлөр тарабынан малайча жумшалып, ал тургай психологиялык, физикалык, сексуалдык кордоого дуушар болушууда.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн астындагы мамлекеттик миграция кызматынын берген маалыматына ылайык, учурда миграциядагы жарандарыбыздын 40 пайызын аялдар түзөт. Бул болсо Борбордук Азиядагы жогорку көрсөткүч. Себеби Өзбекстан, Тажикстанда көбүнчө чет жерге иштегени эркектери кетет. Аялдары болсо үй оокатын карап калышат. Ал эми кыргыздарда акыркы кездерде эркектери үйдө, аялдары талаада болуп калды. Алар өлкөдөн толук маалымат албай чыккандыктан, кыйынчылык болгондо кайда, кимге кайрыларын билбей, ар кандай басынтууга чыдап келет.

Москва шаарында спирт ичимдиктерин саткан дүкөндө иштеген 22 жаштагы Эламан жалгыз бой кыз-келиндерге аябай кыйын болоорун айтат:

– Менин оюмча кыз-келиндер жалгыз чет жакка кара жумуш үчүн чыкпай эле койгону оң. Себеби мигранттарга Орусиялыктардын мамилеси жакшы эмес. Бизде бир келин иштейт. Дайыма күйөөсү тосуп алып кетет. Анткени бир жолу аны орустар эле тоноп, сабап кетишкен. Анан дагы мусулмансыңар деп көбүнчө терроризм менен байланыштырышат. Кыздарды официант болосуңар деп алдап, сойкулукка сатып жиберишкенин да угабыз.

«Бир Дүйнө – Кыргызстан» укук коргоо кыймылынын өкүлү **Мирлан Кубатбековдун** айтымында, мигрант айымдар өздөрүнө-өздөрү олуттуу мамиле жасабагандыктан, басынтууга кабылат дейт.



**Орусиядагы кыргыз жумуш мигранттары**

*Сүрөт / Reuters*

– Биз изилдөө жүргүзүп жатканда мигранттар менен чогуу болдук. Алар "Бул жер тууралуу маалыматты кайдан алдыңар, кантип келдиңер?" деген суроого көпчүлүгү туугандары, тааныштары аркылуу келгенин айтышкан. Бирок, чакырган киши деле эч кандай мыйзамдарды билбейт. А беркилер болсо аларга ишенип барат. Анан мыйзам бузуулар катталат. Биз кетип жатканда миграциялык кызматтарга, коомдук уюмдарга кайрылыңыздар деп айтып жатабыз. Себеби, алар мыйзамдар тууралуу, андагы өзгөрүүлөр тууралуу бекер эле айтып беришет. Мигранттар өздөрү ишенчээк болушат, келечегине олуттуу көңүл бурбагандыктан ушундай кордуктарга туш болушууда. Менин оюмча баягы ЕАЭБдин алкагында мамлекеттер арасында эл аралык келишимдерди ратификациялаш керек. Себеби ал келишимдерде мигранттын үй-бүлөсүнүн баардык мүчөсүнө коопсуздук сыяктуу кепилдиктер каралган. Андан тышкары, зордук-зомбулуктар боюнча терең иликтенип, күнөөлүүлөр жазасын алыш керек деп жатабыз. Биздин элчилик, миграциялык кызматтар жакшы иштеп, мониторинг жасаса дейбиз. Бул жактан биздин мигранттарга так жана толук маалымат берилсе жакшы болмок. Эгер Казакстанга бара жатса алардын мыйзамы тууралуу, Орусияга бара жатса Орусиянын мыйзамдары тууралуу дегендей. Негизгиси жарандык коомчулук менен биргеликте иштеш керек.

## Миграция ала качууну көбөйтүүдө

Кызыгы, кыз-келиндерибиз кордукту чет жактан гана эмес, өз мекенинен дагы көрүп келишет. Миграция өзүнүн терс таасирин бул жакта туруп дагы бере алат. Алсак, жумуш издеп чет өлкөгө сапар тартып жаткан эркек үй-бүлөсүн, карыган ата-энесин караганга адам таппай тез арада үйлөнүүнү чечет. Натыйжада ала качат. Кыргызстандагы "Аялдарга жардам берүү борбору" коомдук уюмунун берген маалыматына ылайык өлкөбүздө күнүнө 32 айым ала качылып, алардын алтоо зордуктоого дуушар болот. Айыл жергесиндеги баш кошуулардын 30 пайызга чейинкиси ала качуу жолу менен ишке ашат. 2014-жылкы статистикага ылайык, ала качылган кыздардын 20 пайызы качып кетсе, калган 80 пайызы жашап калышкан. Кыз ала качуу кылмыш болуп саналганына карабай, көпчүлүк укук коргоо органдарына кайрыла беришпейт. Салтка ылайык бир күн баланын үйүндө түнөп калган кызды ата-энеси дагы алып кеткиси келбейт.

1992-жылы туулган Бегайым айымдын окуясы буга аз да болсо тиешеси бар.

– Окууну 2011-жылы бүтүп, Арабаев атындагы университеттин англис тили бөлүмүнө тапшыргам. Жигитим бар болчу. 11-класстан бери сүйлөшүп жүрчүбүз. Көптөн бери Орусияга иштегени кетишим керек деп айтып калчу. Бир жолу кечинде жолугушууга чыксам ала качып кетти. Сүйлөшүп жүргөндүктөн бир аз каршы болуп, акыры отуруп калдым. Апам дагы мен макул болгон соң эч нерсе деген жок. Үйлөнгөнүбүзгө бир ай болгондо жолдошум Орусияга кетти. Үйдүн жалгыз баласы болгондуктан мен бул жакта ата-энеси менен 2 жыл жашадым. Майрамдарда келип турчу. 2014-жылы жолдошумдун айтуусу менен сырттан окумай болуп мен дагы Орусияга жөнөп кеттим. Азыр жолдошум фирмада айдоочу, мен мерчендайзер болуп иштейм.

Гендердик суроолор жана аялдардын укугу боюнча эксперт Лариса Илибезова бул маселе боюнча төмөнкүлөргө токтолду:

– Ала качуу сыяктуу эски салттардын жанданышына миграциялык процесстин бирден-бир катышы бар. Эркектер эмиграция жасардан мурун ата-энесине кам көрүп, аларды бага турган кыз тапкысы келет. Ошондуктан турмуш куруу үчүн ала качылган кыздар эксплуатацияга туш болгон аялдардай эле болот. Алсак, ал кыз өзү тандабаган үй-бүлөнүн милдеттерин өз мойнуна алыш керек болуп калат. Мындай практикага туш болгон курмандык укук коргоо органдарына кайрылган күндө дагы мамлекет тараптан оң жооп болбогондуктан, бул процесс кайталана берет.

## Мигранттар өз жандарын камсыздап алса болот

Анткен менен чет жерде иштеп жүргөн жарандарыбыз кандай гана кырсыкка учурабасын, күнөөнүн 90 пайызы алардын өзүндө десек болот. Акчаны алдыңкы орунга чыгарып алышып, өз жандарын тобокелге салгандар көп. Мигранттарыбыздын көбү маалыматка ээ эмес. Бул жерден аз да болсо жардамы тиер деп камсыздандыруу тууралуу сөз козгоону эп көрдүк.

Өлкөбүзгө камсыздандыруу түзүмү киргенден бери өз жанын камсыздандыруу деген түшүнүк да пайда болгон. Демек, ар бир адам чет жакка кетип жатып өзүн камсыздандырып алса болот. Алсак, курулушта иштеп жатып колу-буту кокустап кетсе, же сыркоолоп калса, колуна акчасы тие элек болсо камсыздандыруучу мекеменин кызматын колдоно алат.

"АТН ПОЛИС" камсыздандыруу компаниясынын мүдүр орун басары **Абыкеев Эрнис** мырза чет жакка чыгып кетип жатып өзүн камсыздандырган адамдар көбөйдү дейт:

– Мигранттар өздөрүн бөөдө кырсыктан, андан тышкары медициналык жактан камсыздандырса болот. Медициналык камсыздандыруу чындап айтканда кымбат. Мисалы, Орусияга 10 күнгө барып келгенге 5-6 доллардай төлөнөт. Эгер өзүн бир жылга камсыздандырса 170-180 долларга чыгат. Бирок ал жерде ар кандай учурлар болуп бейтапканага кайрылса биз менен чогуу кызматташкан ишканалар бардык чыгымдарын төлөп, карап турат. Бөөдө кырсыктан камсыздандыруунун болсо ар кандай чектери бар. Кийин акчаны ошого жараша төлөп беребиз. Бирок азырынча элде биз тууралуу маалымат көп тарай элек болгондуктан, миграцияга кетип жатып өзүн камсыздандыргандар аз. Андан сырткары, Орусия 2015-жылдан баштап мигранттарды милдеттүү камсыздандыруу программасын киргизген. Ошого ылайык, ал жактагылар милдеттүү камсыздандырылат.

Башында айтып кеткен нерселер айымдарыбыз көрүп жаткан кордуктардын чети эле. Андан сырткары, биз билбеген канчалаган кылмыштуу окуялар көмүскөдө калууда. Мамлекетибиз ЕАЭБге кирген соң, берилген убадалар толугу менен аткарылса мигранттардын абалы аз да болсо жакшырар деген үмүттөбүз. Ал эми чет жакка кетерден мурун толук маалымат алуу керек экенин ар бир мигрант өз өмүрүнүн сактыгы үчүн билүүсү керек.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Тоогуңан тартып, балыгыңа чейин камсыздандыр

Кыргызстан айыл чарбасына ылайыкташкандыктан, калктын басымдуу бөлүгү айыл жергесинде дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен күн көрөт. Бирок айтылбай келген кырсыктан же атайын жасалган кылмыштан улам дыйкандардын, малчылардын жылдап төккөн тери текке кетүүдө



Учурда калктын 70-80 пайызы мал багып, эгин эгүү менен алектенет. Айыл-чарба жана мелиорация министрлиги билдиргендей өлкө боюнча 7 млн.дон ашык мал бар. Анын ичинен бодо мал 1,3 млн. болсо, кой-эчкинин саны 6 млн.го жеткен.

Айыл элинин кылган оокаты жалгыз мал чарбасы жана айыл чарбасы. Бирок кээде табият кырсыктары жана ар кандай ыландар өмүр бою чогулткан байлыгын бир күндө жер менен жексен кылууда. 2015-жылдын эсеби менен 150 миңге жакын мал арам өлүп, алардын жалпы чыгымы 1 млрд. сомду чапчыган.

## Карышкыр 30 койду бир күндө кырды

Жакында эле Жайыл районунун тургуну Абылгазиев Тыныбектин 30 баш коюн карышкыр кырып кеткен. Азыр үй-бүлө жылдап тапкан кирешесинен бир күндө кол жууп, күйбөгөн жери күл болуп турган чагы. Тыныбектин айтымында, 30 кой 1 жылдык киреше эмес. Байлык бир тыйындан куралат дегендей, 10 койду 100гө көбөйтүү үчүн Абылгазиевдердин үй-бүлөсү ондогон жыл тер төккөн. "30 кой менен кошо бир эле менин эмес, балдарымдын да өмүр бою чогулткан кирешеси күйүп кетти", – дейт ал.

– Кышкысын мал үйдө болот, жайкысын жайлоого чыгабыз. Өзүмдүн коюма кошуп элдин коюн алып акыга багып берем. Дагы жакшы, карышкыр элдикине тийбей меникин кырыптыр. Анткени меники өзүнчө кетип калчу. Күн ысыкта чак түштө кой жуушайт эмеспи, ошондо көлөкөгө таштап коюп үйгө түштөнгөнү кетип калчумун. Ал күнү да ошентکем. Күн оой баштаганда барсам кой жок. Ары-бери издеп таппай койдум. Көрсө, карышкыр кууп кетиптир. Сыягы бир үйүр карышкыр го, казакка өтүп бараткан окшойт. Ошентип койдун калганын эртеси таңга жуук таптык. Чачылып кеткен экен, ар жерден бир-экиден таап аттык. Баш аягы 30дай кой жок. 10го жакынынын ичин жарыптыр. Дагы ондоюн тамактап кетиптир. Калганын айдап кетсе керек, дайыны жок. Карышкыр кургур тойсо деле ыраазы болбой, жөн эле кыра берет экен.

Фермер Тыныбектин айтымында, мындай окуя быйыл биринчи жолу катталып аткан жок. Буга чейин да кара малын карышкырга жем кылган кездери көп болгон.

– Эми бул табият экен да. Карышкыр кой эмес, жылкыга кол салган учурлар да болуп келген. Тай, торпокту далай жегиздик. Бирок мынчалык массалык кырган эмес. Карышкыр кез келген саатта келип, кымырып кетиши мүмкүн. Карышкыр тийбейт деп эч ким кепилдик бере албаса керек, – деп кейиди малчы.

## Малдын өлгөнү да көйгөй, көмгөнүң да көйгөй

Дыйкан, малчылардын жыйнаганын чачып, ырысын кошо талашкан бир эле карышкыр, чөө эмес. Андан тышкары айттырбай келген табият кырсыктары, катаал аба ырайы (сел, мөндүр, чагылган, калың түшкөн кар), жугуштуу оору сыяктуу дагы бир топ себептерди атоого болот. Адатта мындай учурда мамлекет тарабынан бир тыйын жардам көрсөтүлбөйт. Жадагалса, чириген жемиштен же малдын өлүгүнөн дыйкан, малчылар өздөрү кутулууга аргасыз. Анткени малдын өлгөнү өзүнчө көйгөй, өлүмтүктү жок кылуу кийинки көйгөй. Малдын өлүгү атайын аңгекке ыргытылса, чириген жер жемишти атайын жайга төгүү үчүн өзүнчө акча төлөп, ташып чыгуу зарыл. Албетте, мындай көрүнүш атам замандан бери кайталанып келе жаткан көнүмүш адат. Анткени адам табиятка эч качан каршы чыга алган эмес. Адистер аталган көйгөйдөн чыгуунун жалгыз жолу – мал жандыктарын жана айыл чарба өндүрүмдөрүн камсыздандыруу деп эсептешет. Камсыздандыруунун мындай түрү азырынча эл арасында кенен таанылa элек. Буга биринчиден камсыздандыруучу компанияга ишенимдин жоктугу себеп болсо, экинчиден, эл арасында маалыматтын аздыгы себеп болууда.

**Өнүккөн өлкөлөрдө мөмө-жемиштер да камсыздандырылат**

## 100 коюңду бир койго камсыздандыр

"АТН полис" камсыздандыруу компаниясынын жетекчиси Эрнис Абдыкеев азыр балыктан тартып тоокко чейин камсыздандырса болорун айтат. "Мал баасы базарга карап бааланат, ошол баанын 1ден 5 пайызга чейинки суммасын камсыздандыруу компанияга төлөйт. Бул 100 коюң болсо, жылына 1 кой бересиң деген кеп" – дейт ал.

– Ачыгын айтканда, азыр элибиз мал жандыктарын же айыл-чарба өндүрүмдөрдүн камсыздандырганга өтө элек. Көнө элек. Ал эми банктан насыяга мал алган болсо банктын милдеттенмесине ылайык, сөзсүз камсыздандырышат. Бааны базар баасына ылайыктайбыз. Мал базарда канча турса биз да бааны ошого салыштырабыз. Мисалы, уйду 200 миң деп ашыра баалабайбыз, же 30 миң деп кемите да айталбайбыз. Жогоруда аталган пайыздык көрсөткүчтөр бардык эле малга бирдей эмес. Эгерде асыл тукум жылкы болсо же пародалуу уй болсо пайызы да чоңураак болот жана камсыздандыруу акчасы да көбүрөөк төлөнөт. Өткөндө көчмөндөр оюнунда күлүктөрдүн, көк бөрүгө чабылчу аттардын баары биздин компанияда камсыздандырылуу болчу. Байкасаңыздар керек, чабылган аттардын бери жагы эле 5000 доллар турат. Ошол оюнда жабыр тарткан аттардын дары-дармегине кеткен чыгымдарды толук төлөп бердик. Азыр бизге тоок фермаларды ээлери көбүрөөк кайрылууда. Анткени тоок деген араң жан болот экен. Оору каптаса 1-2 күндө эле жапырт кырылып калат.

Ошондой эле Эрнис Абдыкеев карапайым элге бир эле мал жандыктарын эмес, айыл чарба продукцияларын да камсыздап алуусун кеңеш кылат.

– Мисал катары, картөшкөнү алсак, алгач картөшкө эгилген жердин анализин алабыз. Семиз жерби, арык жерби ошону аныкташыбыз керек. Анализдин негизинде 1 гектар жерден канча тонна түшүм алынары билинет. Ошого жараша пайыздык көрсөткүчтү да аныктайбыз. Жердин анализи толук аныкталып бүткөндө базар баасын карайбыз. Быйылкы жыл менен, акыркы жылдардын статистикасын салыштырып, пайызды чыгарабыз. Ошондуктан пайыздык көрсөткүчтү алдын ала айтуу кыйын болуп калат.

## Мамлекеттик компаниялар ишеничтен чыккан

Өлкөбүздө камсыздандыруучу компанияларга карата элдин ишеними акырындап жоголуп баратат. Анткени айрым компаниялардан тиешелүү акчаны ала-албай артынан айлап-жылдап чуркаган адамдар жок эмес. Алар айткандай, өз акчаңды өндүргөнчө бюрократиялык тоскоолдуктар менен тамаңың тешилип бүтөт. Булардын сап башында мамлекет менен биргелешип ачылган чет элдик компаниялар турганы жашыруун эмес. Айыл чарба иштери боюнча адис Манас Саматов чет элдик компанияларга ишенип болбойт дейт. Ал элдин акчасын чогултуп алып, куйругун түйүп кеткен компанияларды көрүп эле жүргөнүн айтат.

– Менин билишимче камсыздандыруучу компаниялардын көпчүлүгү чет элден келген. Басымдуу бөлүгү Орусияга тийиштүү. Аларга эч качан ишенбеш керек. Анткени мындай компаниялар жогоруда отурган биздин аттуу-баштуулар менен ымала түзүп, алганды билип бергенди билбей калышат. Кыскасы, акыр-аягы коррупциялык долбоорго айланып, элдин канын соргондон башка иш кылбай калат. Ушул убакка чейин орус каржы институттары менен биздин лөктөр биргелешип демилгелеген бир да долбоордун кыйратып аягына чыкканын көрө элекпиз. Булардын башы бириксе эле акча топтоп өз чөнтөгүн толтурмайга өтүшөт. Бул бизде эле эмес, дүйнө жүзүндө болуп аткан көрүнүш. Жаңы чыгып келе жаткан кыргыз компаниялар бар, бирок саналуу гана. Ошондуктан мал чарбасын, деги эле мүлктү камыздандырууда ишеничтүү, арты таза компанияларга кайрылганыбыз оң.

Мындан сырткары, өлкөдө 7 млн.го жакын мал-жандык болсо, мал доктурдун саны 4 миңге жетпейт. Айрым алыскы айылдарда малчылар өздөрү адистешип, ооруган малды билими жок туруп дарылаганга өтүшкөн. Айрым учурда мындай адат тескери жыйынтык берип, чыгымга алып келет. Эмесе кийинки макалабызда ушул тууралуу сөз кылмакчыбыз.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Окуучунун бурчу: дизайнер жана медиктин кеңеши - 2

Мурун «жумуш бурчу» деген чоң адамдардын кесибине тиешелүү түшүнүк болгон. Учурда мектепте окуган окуучуга да өзүнчө бурч зарыл болуп калды. Өткөн санда бурчтун өзү жөнүндө айтсак, эми ал бурчту бирге толтуралы

## Окуучу бурчунун эмереги: Үстөл

Биринчиден, бурчка чегерилген аянтта эмне болуш керек экенин чечишип алалы. Анда эмне болушу керек, кандай эмерек ыңгайлуу болот? Бул тууралуу кесипкөйлөр эмне дегенин билип алып ишке киришели.

Сабак жазган үстөл окуучунун эмерегинин эң негизги бөлүгү. Медицина анын кандай болуш керек экенин сунуштайт. Үстөл колдонууга ыңгайлуу болуусу менен бирге ден-соолукка зыян келтирбеши керек. Биринчиден, балаңыз өскөн сайын бийиктигин өйдөлөтө алгандай үстөл алса жакшы болот. Балаңыз отурганда ийиндери өйдө куушурулуп же, тетирисинче, ылдый салаңдап калбашы керек. Бул жерде 90 градустук «түз бурчтук» эрежеси иштейт. Биринчи түз бурчтук сан менен шыйрактын, экинчиси сан менен белдин, үчүнчүсү колдун жогору жагы менен билектин ортосунда болушу зарыл. Үстөл мүмкүн болушунча кенен болгону жакшы. Тиешелүү китеп-дептерлерди жайгаштырганда алар колго тоскоол болбошу керек. Мындан сырткары, үстөлдүн бурчтары учтуу болбогону жакшы. Бала окууга киришер алдында колун таза жууп, үстөлдө иштеп бүткөн соң үстүн ирээттеп, таза сүртүп чыкса ден-соолугун чаң жана колу аркылуу жуккан бир топ оорудан коргой алат.

Үстөл алууга аттанганда уулуңузду ала барганыңыз туура болот. Анткени адистер сунуштаган жогорудагы талаптарды аткаруу үчүн балаңыздын өзү болушу шарт. Албетте, балаңыздын өз үстөлү тууралуу пикири да ашыкча болбойт. Себеби ал өзүнө жаккан үстөлдө көңүлдүү окуйт. Учурда баланын үстөлүн компьютерсиз элестетүү кыйын. Бул албетте, жакшы, бирок ал бир нече эрежени сактоону талап кылат. Эң негизгиси, компьютердин экраны көзгө карата отуз градус жайгашуусу зарыл. Монитор ушундай турганда гана баланын моюн омурткалары туура жайгашат.





## Креслосу

Ата-энелер отургуч алганда анын сырткы көрүнүшү, ыңгайлуулугуна көбүрөөк көңүл бурушуп, баланын ден-соолугун унуткарып коюшат. Отургуч тандаганда медиктер төмөнкү нерселерге көңүл бурууга чакырат.

Баланын омурткаларынын моюн менен белинде «лордоза» деп аталган эки ийилген жер бар. Ал ыңгайсыз креслодо отурса омурткалары туура эмес ийилип калышы мүмкүн. Ошондуктан баланын креслосу кичине алдыраак эңкейип турганы жакшы. Отургучтун үстүнкү кыры далынын деңгээлинен жогору болбосун. Баланын таманы жерге толугу менен тийип турган кезде шыйрак менен сандын ортосунда түз бурчтук болушу керек экенин дагы бир жолу эскертип өтөлү. Эгер таманы тийбесе бир нерсе коюш керек. Баланын отургучунун кол койгон жери болбошу керек. Анын чыканактары үстөлдүн үстүндө болгону жакшы. Отургуч «дем алган» материалдан жасалса сонун болот. Эгер үйдөгү үстөлүңүз бул талаптарга жооп бербесе, белдин ылдый жагына атайын тигилген жаздыкча коюп койсоңуз боло берет.



## Кошумча эмерек

Балаңызга биринчи класстан баштап иш бурчун ирээттүү кармаганды үйрөтүңүз. Бирок мүмкүнчүлүк түзүлгөндө гана ирэттөө тууралуу сөз кылса болот. Ошондуктан балаңыздын окуу куралдары менен китеп-дептерин жайгаштырган тумбочка жана шкафтары болгону жакшы. Учурда ачык текчелер ыңгайлуу жасалып, жакшы кызмат кылып берүүдө. Кошумча эмеректин негизги өзгөчөлүгү – бардык керектүү нерселер бала кол сунганда жеткидей жерде жайгашуусу зарыл.



## Окуучу бурчунун жарыгы

Биз гезиттин мурунку санында табигий жарык тууралуу сөз кылганбыз. Жасалма жарыктандырууга келгенде кесипкөйлөр күчтүү, бирок жумшак жарык берген чырактар жакшы дешет. Табигий сыяктуу эле, жасалма булактын жарыгы да баланын жазган колунун ич тарабына тийип турганы туура болот. Чырактын бийиктиги менен жарыгынын багыты тууралап турганы абзел.

Медиктер болсо жасалма жарык булагы бир жерге гана багытталбай, жалпы тийип турганын туура көрүшөт. Ошондуктан шыпта окучунун иш бурчун жалпы жарытып турган чырактар болгону пайдалуу. Бул балаңыздын көзүнүн ашыкча чыңалуусунун алдын алат.

## Корутунду ордуна

«Мен деле энем камыр жайган тактага сабак жазып чоңойгом», – деп кош көңүлдүк кылсаңыз болот чыгар. Бирок балаңыз сизден күчтүү болуусун албетте каалайсыз. Балаңыздын ден-соолугу, көңүлү жана келечеги ушул бурчка байланыштуу экенин унутпаңыз. Кичинесинен иш бурчунда иштеп көнгөн балаңыз, чоңойгондогу иш бурчун да натыйжалуу колдоно алат. Биз колдонгон сүрөттөр баланын ден-соолугунан мурун дизайнердин тапкычтыгын көбүрөөк чагылдырат. Ошондуктан бардыгы сиздин колуңузда. Жараткан сизге жар болсун!

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

# Азамат Жаманкулов: “Элим мени “патриот бала” деп айткан деңгээлге чыккым келет”

Акыркы учурларда мекени үчүн жан тарткан адамдардын көбөйүшү жагымдуу болууда. Мамлекетибиздин келечегин баарынан бийик койгон патриот мырзаларыбыздын бар экени эртеңки күнүбүздүн жаркын болорунан кабар берет. Кыргыз Республикасынын Туризм департаментинин мүдүрү Азамат Жаманкулов мырза жаш болгонуна карабай бир топ ийгиликтерди багынтканга жетишкен. Жаңы идеяларга бай жаш мүдүр гезитибизге кызыктуу маек куруп берди...



**Азамат Жаманкулов** Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин Туризм департаментинин мүдүрү

## Тажрыйбамды арттыруу үчүн бардым

Өзүм Таластын кулуну болом. Таластагы “Манас” лицейин окуп, алтын медаль менен бүтүргөм. Кийин “Манас” университетинин менеджмент факультетине тапшырдым. Студенттик күндөрүмдү активдүү өткөрдүм. Окуу жайдын дебаттарын, “Сайф” аттуу башкаруучулукка кирүү клубдарын башкардым. Кийин өзүмдүн ишимди ачып Америкага кеткем. 2008-жылы Эл аралык университеттин банктык иш бөлүмүнө тапшырып, ийгиликтүү бүтүрдүм. Университеттен соң тажрыйбамды артыруу, билим алуу үчүн көптөгөн мамлекеттерге барып келдим.

## Грузиядагы реформалар абдан таасирлентти

Барган чет өлкөлөрдөн таасир калтырганы Грузия болду. Алардын акыркы күндөрдө жасап жаткан реформаларын жактырдым. Ал жерде сот, милиция, мамлекеттик кызматкерлердин элге жасаган мамилесин, реформаларын, өлкөдөгү сервис күнүнө автоматташтырылып, ылдамдап жатканын көрүп кызыктым. Ал эми маданият жагынан Туркия, өсүш жагынан баары өз ордун таап калган Американын системасы жакты. Технология менен экономиканы бат өнүктүрүү боюнча Түштүк Корея сыктандырды. Мындай мамлекеттердин жакшы жактарын алсак болот, бирок ошону менен биргеликте идея жактан бизде дагы көп нерселер бар. Болгону биздеги баалуулуктар менен дүйнөлүк тажрыйбаны топтоп келип аралаштырсак баары жакшы болчудай.

## Туризм тармагына жөнөкөй кызматкер болуп келгем

Университетти бүткөндөн кийин жеке ишкерлик менен алектенип жүргөм. Бир күнү инвестициялык фондго чакырып калышты. Ал жерде Кыргызстанга кандай инвестицияларды алып келсе болот деген нерселер менен иштедим. Кийин экономика министрлигинде ушул эле тармак боюнча эмгектендим. Бул аралыкта тааныш байкелерим Дүйнөлүк көчмөндөр оюну болоорун, ага кошулуумду сунушташты. Ал жакта жөнөкөй эле кызматкер элем. Бир айдын ичинде оюнду уюштуруу тобунун башчысы болуп калдым. Ал оюндан туризмдин Кыргызстандын келечеги үчүн канчалык орду чоң экенин түшүндүм. Туризм тармагы маданиятка, экономикага, инвестициялык секторго, адамдардын бир-бирине кылган мамилесине, башка тилдерди, маданияттарды үйрөнүүсүнө чоң өбөлгө болорун билип, кызыга баштадым. Ооондан кийин Кыргызстандагы “Курорттор ассоциациясынын” мүдүрү болуп дайындалдым. Кийин чакыруулар менен туризм департаментине келип, декабрдан баштап башкарып калдым.

## Бийликке өз эмгегим менен келгем

Бийликке жетиш үчүн сөзсүз таанышың болуш керек деген нерсеге кошулбайм. Менин жанымда колдоп турган эч кимим жок. Атамдар жөнөкөй эле фермерлер. Алар эч убакта бийликке келишкен, кызыккан дагы эмес. Туугандарымдын арасында бийликте жүргөндөрү бар. Бирок менин бул кызматка келишиме алардын тиешеси жок. Бул орунга өз күчүм жана эмгегим менен жеттим. Ооба, татыктуу адамдар көп болуш керек. Бирок бул жерде ачык бешененин дагы орду чоң. Ошондой эле туризм жаңы, инновациялык сектор болгондуктан, жаңы тенденцияларды, жаңы тилдерди билген, инвесторлор менен сүйлөшө алган адамдар керек болгондуктан мени тандап алышкан десем болот.

## Туристтер нан таап берчү адамдар

Кыргызстанда туризм жаңыдан өнүгүп келе жатат. Өлкөбүзгө азырынча көп деле турист келе элек. Келип жаткандары болсо келе турган туристтердин бир эле бөлүгүн түзөт. Мамлекетибиздин кадыр-баркын көтөргөн сайын турист да көбөйөт. Биз Кыргызстанды ошого даярдашыбыз керек. Даярдоо деген кандай? Туристтер биринчи учак менен учуп келет. Демек, учактардын түз каттамы, ыңгайлуу болушу зарыл. Экинчиден, аэропорт канчалык деңгээлде кызмат көрсөтө алат. Үчүнчүдөн, “такси, такси” деп кыйкырып турган айдоочулардын канчалык деңгээлде Кыргызстандын тарыхы жөнүндө маалыматы бар, алар келген туристтке өлкөсү жөнүндө айтып бере алабы? Мына ушулар маанилүү. Анткени туристтерге биринчи жолуккан адамдар булар таксисттер. Андан тышкары, ресторандардын, мейманканалардын, жолдордун деңгээли да көйгөй болуп эсептелет. Биз бул маселелерди чечишибиз керек. Коопсуздук маселеси да чоң көйгөй. Өзүңүздөр билгендей, буга байланыштуу бир топ окуялар болуп өттү. Ошол себептен биз өкмөткө туризм тармагына көңүл буралы, ар бир туристтин маанилүүлүгүн элдин аң-сезимине жеткирип, алардын салым кошуп жатканын түшүндүрөлү. Эгер бүгүн туристтин машинасын сүзүп койсо, эртең үйүндө наны жок калаарын эл билишсин деген ойдобуз.

## Эл “Патриот бала” деген деңгээлге чыксам дейм

Кичинемде дарыгер болгум келчү. Кийин чоңойгондо башкаруу системасында иштөөнү жактырып калдым. Азыркы учурда ушул күнгө чейинки ойлогон максаттарым аткарылды. Алдыда мындан да чоң максаттарым бар. Кээ бир кайдыгер жаштарды, туура эмес жасалып жаткан иштерди көрүп алып өкүнгөн учурларым болот. Кыргызстандын тагдырына балта чабылган учурларды көрүп алып кейийм. Патриот адам элин-жерин сүйгөн, жерине кыянаттык кылбаган адам деп эсептейм. Мен мекенимди сүйөм, эгер кете турган болсом качан эле кетип калмакмын. Эл мени “патриот бала” деп айткан деңгээлге чыксам дейм.

## “Мага бийлигиңдин кереги жок”

Ар бир адамдын устаттары болот. Менин да устаттарым бар. Алар өзүмдүн иштөө багытымдагы адамдар. Керектүү учурда колдоп, кеп-кеңештерин берип турушат. Апам баардык энелердей эле эл башкарган лидер болуумду каалачу. Ал ар дайым “Кандай гана коомго туш келбе, кандай гана элдин арасында болбо өзүңдү татыктуу алып жүр. Душман менен да, дос менен да мамиле түзгөндү бил” дечү. Атам “Сенин министрлигиң, бийлигиң мага кереги жок. Болгону туура адам болсоң болду. Элдин алдында мени уят кылбасаң болду” деген сөздөрдү көп айтат. Ошого татыктуу болсом дейт.

## Урматтоо жок болсо иш жүрбөйт

Ар бир адамдын мүнөзү бар. Ошол мүнөздүн оң жана терс жактарын, кайсы адамга кандай мамиле жасаса туура кабыл аларын билиш керек. Бирөөгө катуу айтсаң угат, бирөөгө жумшак дегендей. Башкаруунун өзүнүн таланттары бар. Бул жерде менин кол астымда өзүмдөн улуу кишилер көп. Алар менен да мамиле түзө билиш керек. Алар сени урматташы керек. Болбосо иш жүрбөйт. Ар бир мамиледе ошол мамиленин өзөгүн табуу зарыл. Мен ошол өзөктү тапканга аракет кылам.

## Мен тагдырга ишенем

Учурда бойдокмун. Кыргызда бала үйлөнбөй калса эле ар жактан жаалап үйлөнткөнгө аракеттене башташат. Өзүм аябай принципиалдуу кишимин. Өз оюма туура келгенче эч нерсе жасабайм. Жумуш убактысына убактымдын баарын арнап жүрүп жеке турмушум артта калды. Ооба, кийин буга өкүнүп калышым мүмкүн. Бирок анын ордуна жасап жаткан иштериме, жеткен натыйжаларыма эч качан өкүнбөйм. Мен тагдырга ишенем, ошол тагдыр мага бир күнү жолукчу адамымды алып келет болуш керек.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Башкарууда жаңы тренд: эркелетип сындаңыз

Дүйнөнүн ири компаниялары кызматкерлери менен алакаларын өзгөртүүдө. Алар «ата-бала» сымал наалыма насаат айткан мамиледен баш тартышууда. Буга актанууга мүмкүндүк бербеген, сынды жана шылдыңдап ат коюуну көтөрө албаган жаңы муундун кызматкерлери түрткү берүүдө



## Жакшы-жаман деп баалоо чочутат

Компьютердик программа чыгарган «Adobe Systems» компаниясы 2012-жылы буга чейин акылга сыйбайт деген жаңы кадамга барган. Бул компания кызматкердин ишинин натыйжалуулугу, анын рейтинги жана макамы тууралуу жылдык эсеп-кысаптан баш тарткан. Компания жумушчулардын баасы бычылып жазылган рейтингдин кесепетинен көптөгөн жакшы кызматкерлерден кол жууп калып жатканын байкаган.

«Adobeдун» вице-президенти Донна Моррис: «Рейтинг менен секичеге жайгаштыруу жетекчинин маанайына байланыштуу жана өтө эле көп сын камтыйт. Мисалы, сиз колуңуздан келишинче аракет кылдым деп эсептесеңиз, бирок сизди жөн гана «туруктуу кесипкөй» деп коюшса кыжырыңыз келет. Сизди барктабай, ишиңиздин «жылдызы» катары мамиле кылышпаса компаниядан кеткиңиз келет», - дейт.

Учурда биздин кызматкерлер менен жетекчилер аэропорттогу «Check-in» системасындагыдай бири-бири менен дайыма тыгыз байланышта деген Моррис сөзүн: «Кылынган ишти жылдын аягында карап чыгуу унаанын арка тарапты көргөзгөн күзгүсү сымал. Андан өтүп кеткен убакыттын жетишкендиктери менен каталары көрүнүп турат. Check-in системасын киргизүү адамдарыбызга ушул тапта кайсыл жерде экенин сездирди. Бул кызматкерледин тынчсыздануусун бир топ басаңдатты», - деп улантты. Мындай өзгөртүүлөр киргизилгенден бери Adobeдун штатында сактап калгысы келген кызматкерлердин жоготуусу 50 пайызга азайган.

Кызматкерлер мындай турсун, жетекчилер да жылдык аттестациядан чочуп калышкан. Ал жыл өткөн сайын ого бетер жагымсыз иш-чарага айланып, иштин натыйжалуулугунун артуусуна олуттуу жардам бере алган жок. Кызматкерлердин ишин дурус дейсизби, же дурус эмес деп баалайсызбы, айтор, мындай баалоонун өзү дурус эмес. Кызматкерлерди баалоо компаниянын стратегиясы менен кызматкердин карьерага умтулуу аракетине да эч кандай тиешеси жок. 2013-жылы башкарууга жардам көсөткөн «Mercer» фирмасы 53 өлкөдө сурамжылоо жүргүзгөн. Суралган адамдын үч пайызы гана кызматкерди сындап башкаруу аракети компаниянын натыйжалуулугуна сөзсүз пайда алып келет деп айткан.

Жылдык аттестациядан өткөрүү көп жылдардан бери сындалып келгени менен иш бергендердин көбү кызматкерлерди баалоонун жаңы ыкмаларын жакында эле пайдалана баштаган. Учурда рейтинг менен тизмектөөдөн баш тарткан компаниялардын саны аз болсо да дайыма өсүп келе жатат. Алар кызматкерлеринин ишине бир жылда бир нече жолу баа берип, аттестациялары позитивдүү, көңүл көтөрүүчү маанайда өтөт.

Компаниялар "ата-бала" арасындагы наалыма насаат айтуу мамилесинен алыстап, жардамдашып жетектөө жана өз тажрыйбасына таянып окутууга өтүүдө. Учурда ишканадагы позитивдүү өзгөрүүлөр кызматкерлердин бири-бири менен атаандашуусуна эмес, өз ара жардамдашуусуна байланыштуу деп каралууда.

## Рейтинг оюндары тарыхта калды

Өткөн жылдары "Microsoft" компаниясы жылдык рейтингдерден баш тартып, жетекчиликтин кызматкелерди баалоосун жылына бир нече жолу өткөрүп, натыйжалуулукту баалоонун негизги фактору катарына жамаат менен иштей алуу жөндөмүн киргизди.

"Биздин иш адамдардын бири-бири менен кызматташа алуу жөндөмүн талап кыла баштады. Жамааттын ишине канчалык салым кылганы адамдын ишинин натыйжалуулугунун эң негизги көрсөткүчү болуп калды. Негизги жөндөм катары башка адамдардын ийгилигине жардамдашуусу аркылуу адамдын жалпы жамаатты кандай ийгиликке жеткиргени бааланууда", - дейт ""Microsoft" компаниясынын персонал менен иштөө боюнча вице-президенти Жей Ричи.

**"Адамдар коркунуч сезгенде чындыктан да, кантип өнүгүп өссөм деген ойдон да алысташат"**

Адамдардын натыйжалуулугун баалоо боюнча эң чоң өзгөрүү рейтинг жана даражаларга бөлүүнү жокко чыгаруу болду. Бул эскирген ыкмада адамдарды "дурус эмес", "орто", "ортодон жогору" деп тактага мыктап, жерден көтөрүлө албады делгендер отоо чөптөй жулунуп салынчу.

Натыйжалуулукка баа берилип жаткан кезде убакыттын баары кызматкерлер моюндабаган рейтингдердин тегерегинде талашып-тартышууга кетчү. "Биз кызматкер менен максат жана ишти жакшыртуу тууралуу пайдалуу баарлашуунун ордуна укмуштай көп убакытты рейтингдерди талкуулаганга кетирчүбүз", - дейт "Expedia" туристтик компаниясынын персонал менен иштөө боюнча башкы адиси Анита Макгроу. Ал рейтингдерден баш тартып, кызматкерлердин ишинин үзүрүн баалоонун башка түрлөрүн колдоно баштаган.

"Миң жылдык муун" деп аталган 1980 жана 1990-жылдары төрөлгөн адамдар кызматка келе баштаганда компаниялардын позитивдүү жана тез-тезден өткөрүлгөн аттестацияларга көңүл бура баштаганы даана байкалды. Үйүндө бир-эки бала болуп, ата-эне, мугалим жана тренерлердин алкышы менен өскөн "миң жылдыктар" мактоодон алыс сөздөрдү укканда нес болуп калышкан. Алардын кээ бири көз жашын талаалатып дароо иштен кеткенге шашылган. Ошондуктан бул муунду баалоо өлчөмдөрү бир топ жумшартыла баштаган дейт "General Electric" компаниясынын менетжерлери.

Буга карабастан "миң жылдыктардын" үчтөн экиси жөн эле мактап-жактоонун ордуна "пайдалуу жана оңолуп кетүүгө шарт" түзгөн алакаларды самаганын билдиришкен. "Бирок бул алакалар көтөрмөлөгөн маанайда болушу керек. "Миң жылдык" сезимталдуулугуна алдырып, сынып калбаш үчүн анын бардык нерсени сонун кылып жатканына ишендириш керек. Албетте, ката болорун, бирок ката катастрофа эмес экенин билдирүү зарыл", - дейт "Zenger Folkman" фирмасынын бул жаатта изилдөө кылган президенти Жо Фолкман.

## Фидбэк илими

Биз жогоруда сөз кылып келаткан кызматкер менен жетекчинин алакасын: "Биринчи тараптын экинчи тарапка кылган аракетине жараша экинчи тараптын биринчи тарапка көргөзгөн мамилеси", - деп айтсак болот. Эки тараптын мындай алакасы эл аралык менетжментте "фидбэк" деген сөзгө камтылган. Жапондордо бул түшүнүк жок болгондуктан сөздүгүнө "фидобоку" деген сөз киргизишкен. Биз англисчесин кирилл тамгалары менен "фидбэк" деп берсек азырынча жетиштүү болот деген ойдобуз.

Компаниялар натыйжалуулукту баалоо үчүн бир жылда бир нече жолу көтөрүңкү маанайдагы аттестация өткөрүүгө "миң жылдыктар" себеп болгон жок дегени менен алар мындай өзгөрүүлөр жаш кызматкерлерди тартып жана кармап калууга жардам берерин моюндашат. Донна Морис: "Биздин жаш кызматкерлер Adobeдогу иши тууралуу алган фидбэкке кээде "ой атаа!.." дегени менен аракети дароо бааланып турганы аларга жагат", - деп күлөт.

Microsoft баш болгон бир нече компания фидбэктин адамга тийгизген таасири кандай болду экен деп неврологдорго кайрылышкан. Лидерликтин адамдын мээсине тийгизген таасирин изилдеген "Neuro" лидерлик институтунун жетекчиси Дэвид Рок адамдын натыйжалуулугун баалоо аракети адамдын мээсинде коркунуч жаратып, корголууга түртөт. Ал: «Адамдар коркунуч сезгенде чындыктан да, кантип өнүгүп өссөм деген ойдон да алысташат», - дейт.

Мындай коргонуу реакциядан качуу үчүн Дэвид менетжерлерге кызматкерлерди сындап, аларды сандар менен өлчөнгөн секичелерге тизгенден көрө, ишинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн кандай аракет кыларына кызыгууну сунуштайт. "Ушинтсеңер кызматкерлер сиз менен өз сезимдери жана идеялары менен бөлүшөт. Чындап келгенде адамдын эң оор сынчысы ал өзү. Адам башкалар берген баадан коркуп, биротоло жабылып калуусу мүмкүн», - дейт Рок.

Бирок негативдүү баалоону да толугу менен жыйыштырып салбоо керек. Тетири фидбэктин адамга тийгизген таасири анын тажрыйбасы менен кесипкөйлүгүнө жараша болорун атайын жүргүзүлгөн илимий изилдөө далилдеген. "Жаңы кызматкерлерге берилген терс фидбэк туура болсо да аларды таарынтып, аракетине балта чабышы мүмкүн. Алар аны "мен жаман кызматкермин, тапшырманы аткара албаймын" деген ойго түртөт. Бирок сиз тырышчаак, өзүңүзгө ишенген адам болсоңуз, тетири фидбэк сиздин дымагыңызды өчүрбөй, багындыруу керек болгон кийинки ашууга жол ачат", - дейт изилдөөнүн авторлошу профессор Эйлит Фишбах.

РОНАЛД ОЛСОП
BBC Capital

# Эне тил кече, бүгүн жана эртең...

Тоталитардык режим солкулдап турган мезгилде 1989-жылы 23-сентябрда Кыргызстанда кыргыз тилинин мамлекеттик тил деп жарыяланышы көптөрдү кубандырса, айрымдарды таңкалдырып, кээ бир кичинесинен шаарда төрөлүп, шаарда чоңоюп, шаарда окуп билим алып, шаарда иштеген «киргиздерди» жана орус тилдүү жарандарыбызды ыңгайсыз абалга алып келген

## Кыштымдар өздөрүн кыргыз атаган

Андан бери чейрек кылымдан ашуун убакыт өттү. Эне тил маселеси күнүмдүк басылмалардан, радио-теле берүүлөрдөн байма-бай айтылып күн тартибинен али күнчө түшпөй келе жатат. Ал тургай ар дайым айтыла берип көнүмүшкө айланып бара жаткандай..

Көчөлөрдөгү сабатсыз жазылган жарнак, көрнөктөрдү көрүп, расмий тилде токулган токтомдорду, жалбырактай жааган буйрук, чечимдерди окуп 27 жылдан бери эне тил маселесинде биз эмнеге жетиштик, эмнеге жетише албай жатабыз деп ойлоого аргасыз болосуң. Кыргыз тили совет бийлигине чейин эле нукура кыргыз элинин тили болчу. Анткени биздин ата-бабаларыбыз ушул тилде Манасты жаратып муундан-муунга чыпчыргасын коротпой өткөрүп келген. IX кылымдагы Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн мезгилинде «кыштымдар» өздөрүн сыймыктануу менен кыргыз деп атап, эч кандай буйрук чечимсиз мамлекеттин кийлигишүүсүз эле кыргыз тилин үйрөнүп, кыргыз тилинде сүйлөшкөн.

## Кыргыз тили өнүгүп келе жатат

Кыргыз тилин улуттук деңгээлге жеткирүүдө совет бийлигинин кошкон салымы чоң. Совет бийлигинин «Формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданиятты өнүктүрүү» принцибинин негизинде элдин сабатсыздыгы жоюлуп, жер-жерлерде, айыл-кыштактарда кыргыз мектептери ачылып, кыргыз тилинде окуу китептер чыгарылып, дүйнөлүк адабияттар кыргыз тилине которулуп, Улуттук кыргыз драм театры уюшулбады беле. Аларды кантип танабыз?

Кыргызстанда кыргыз тили улуттук тил катары өзүнүн өнүгүүсүн токтоткон жок. Дагы деле өнүгүп жатат. Бирок мамлекеттик тил катары өнүгүп жатат деп айтыш кыйын. Анткени Кыргыз мамлекетинин мамлекеттик органдары бири-бири менен иш кагаздарын расмий тилде жүргүзүп келе жатышат. Мамлекеттик тил сентябрь айында гана эскерилбесе калган учурларда эске алынбайт деле.

## Балдарыбыз "папа", "мама" деп калышкан

Советтик тоталитардык режимдин күч алышы, «пролетардык интернационализм» принцибине жамынган «Улуу державалык» саясат эне тилибиздин өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде терс таасирин тийгизгендигин да танууга толбойт. Мен Кыргыз элинин эгемендүүлүккө шилтеген алгачкы кадамы 1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тилин мамлекеттик тил деп жарыялоодон башталган деп ойлойм. Ал кезде бул кадамды шилтештин өзү чоң кайрат күчтү талап кылган. 80-жылдары кыргыз тили шаар эмес айыл жерлеринде өзүнүн улуттук маанисин жоготуп балдарыбыз «папа», «мамага» өтүп, райондордогу бардык чогулуштар, иш-чаралар расмий тилде жүргүзүлүп, эне тилибиз эл журттан четтеп калбады беле. Кыргыз тилинин мамлекеттик тил деп жарыяланышы бул элибиздин чоң жетишкендиктеринин бири болгон. Андан бери 27 жыл өттү. Элдин кыргыз тилине болгон кызыгуусу артып бала бакчаларда, мектептерде кеңири кулач жайып, кыргыз тили адеп-ахлактын, билимдин тилине айланды десем жаңылышпайм. Бирок кыргыз тилин канчалык аздектесе да, балдарын орус тилиндеги бакчаларга, мектептерге берүүнү артык көргөн ата-энелер дале көп. Муну менен ата-энелерди күнөөлөгүм келбейт. Эне тилибиз толук мамлекеттик тил макамына ээ боло албай жатса, өлкөдөгү жумушсуздуктун айынан чет өлкөлөргө чыгуу үчүн башка тилдерди үйрөнүү биринчи орунга коюлуп жатса аларда эмне айып.



Чоң-Таш айылындагы С.Чокморов атындагы орто мектептин кыргыз тил классы

Сүрөт/ Султан Досалиев

## Мамлекеттик тилдин 27 жылдан берки көйгөйү

Биринчиден, бала бакчаларда, мектептерде кыргыз тилинде окутканыбыз менен аларды заманбап технологиялар менен жабдый алган жокпуз. Көрсөтмөлүү ачык сабактарды жогорку деңгээлде өткөрсөк да, күнүмдүк сабактар мурунку эле нукта өтүүдө. Эне тилди үйрөтүү бала бакчалардан эмес, энелер мектебинен башталышы керек. Ал үчүн энелердин эне тилине болгон кызыгуусун жана жоопкерчилигин арттыруу абзел. Бүгүнкү күндө бешик ырын ырдап бешик терметкен бир да энени уга да, көрө да элекмин. Биздин ата-бабаларыбыз эне тилин эненин сүтү, бешик ыры, чоң энелердин жомогу, чоң аталардын санжырасы, нуска кептери, комуз күүсү, жигиттердин шырылдаңы, кыз-келиндердин бекбекейи менен каны жанына сиңирип келген. Эне тилди мамлекеттик деңгээлде өнүктүрүүнү дал ушул энелер мектебинен башташ керек.

Экинчиден, Кудайдын мунусуна да шүгүр, эне тилибиз көчө тилинен бала бакчаларда, мектептерде билимдин деңгээлине жетти. Кыргызстанда жашап жаткан башка улуттун балдары да кыргыз мектептерде окуп, кыргызча билим алууга далалат кылууда. Америкадан, Германиядан, Япониядан келген волонтёрлордун кыргызча сүйлөгөнүн угуп бөтөн элдин өкүлдөрүнүн кыргыз тилине болгон сый-урматын сезип жүрөгүң кубанат. Бирок кыргыз тили мамлекеттик тил болуш үчүн илимдин тилине жетиши керек. Ал үчүн атайын орто окуу жайларында, жогорку окуу жайларында дарстар эне тилибизде окулуп, илимий ачылыштар эне тилибизде жасалууга тийиш. Бул бүгүнкү күндө күлкүлүү угулушу мүмкүн. Эне тилди илимдин деңгээлинде өнүктүрүүнү студенттик скамейкадан эмес, колдон келсе мектеп партасынан баштоо зарыл.

Көпчүлүк профессорлор, доценттер кыргыз тилинде дарс окуудан качышат. Анткени алардын түшүнүгү боюнча кыргыз тили илимдин эмес, адабияттын, санжыранын тили. Андыктан Кыргызстанда кыргыз тили, адабияты жана Кыргызстандын тарыхы боюнча айрым гана илимий эмгектер кыргыз тилинде жазылганы болбосо дээрлик бардык илимий монографиялар, диссертациялар, илимий макалалар орус тилинде гана жазылат. Кыргыз тили анан кантип илимдин тили болсун? Кээде эмне үчүн мамлекеттик тилдин өнүгүшүн кыргыз интелигенциясы өзүнөн баштабайт деп ойлойсуң.

Үчүнчүдөн, кыргыз жаштары келечекте өздөрү кызыккан башка тилдерди эне тилинен кем билбеши керек. Бүгүнкү күндө биз мындай жаштардан кур эмеспиз. Кыргыз жаштары азыр дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө окуп, иштеп, жашап жатышат. Бирок орус, англис, немец тилдерин өздөштүргөндөн кийин көпчүлүк жаштардын эне тилге болгон мамилеси солгундай баштайт. Кыргызча окуганга караганда орусча окусак жакшы түшүнөбүз деген жаштарды көп эле көрүп жүрөбүз. Республикабызда иш кагаздардын көпчүлүгү алгач расмий тилде даярдалып анан мамлекеттик тилге которулат. Мамлекеттик тилде жазылган иш кагаздары «котормо тилде жазылган» десек да болот. Аны ким которот адиспи же башкабы аны Кудай билет. Эне тилибиздин түшүнүксүз, супсак, чогоол болуп калышына ушул нерсе да таасирин тийгизип, иш кагаздардын стили сакталбай, терминдер чаржайыт болуп, андай документтерге жөн жай жарандар эмес адистердин түшүнүшү да кыйын. Демек, иш кагаздар алгач жакшынакай сөздөр менен кыргыз тилинде даярдалып, анан расмий тилге же башка тилдерге жеткиликтүү которулууга тийиш. Антпесек эне тилибизди мамлекеттик тил деп канчалык төш какканыбыз менен эч нерсе чыкпайт.

Төртүнчүдөн, Республикабызда эне тилге болгон бирдиктүү талаптын жоктугу байкалат. Муну жөнөкөй эле көрүнүштөн байкоого болот. Мектептерге же мекемелерге кирип бара жатканда «Кош келиңиздер!» же «Куш келиңиздер!» деген жазууларды окууга болот. Аргасыздан өзүңчө «кушу» туурабы же «кошу» туурабы деп ойлойсуң.

Бешинчи, шаардын көчөлөрүндө, ал тургай айыл жерлеринде да чет тилде жазылган көрнөк жарнактар көбөйүп кетти. Көчөдөгү көрнөк, жарнактардан кээде өзүңдүн кайсы өлкөдө жүргөндүгүң билбей каласың. Мамлекеттик тил мыйзамынын 27-беренесинде «Кыргыз Республикасында жарнактар, кулактандыруулар, прейскуранттар жана башка маалыматтар адегенде мамлекеттик тилде андан кийин расмий тилде, зарыл учурда башка тилдерде да жобולоштурулат» деген талап бар эмеспи. Айрыкча, бизнес чөйрөсүндөгүлөр муну ар дайым эске алышы зарыл.

***(уландысы бар)***

Кочкор айылы, Капар Кыдыралиев атындагы орто мектептин тарых мугалими ЖУМАБЕК БОЛОТБЕКОВ

# Текебаевдин бомбалары жана Казак элбашынын таарынычы

Сентябрь башталып, Көчмөндөр оюнунун аякташы менен башталган референдум, анти референдум жана ушуга улай саясаттагы эки жаатка өтүп чабышуу бул аптада басаңдамак тургай, кайра күч алды. Жогорку кеңештин депутаты, «Ата мекен» фракциясынын башчысы Өмүрбек Текебаев бир эмес, эки жолу пресс конференция берип, Атамбаевди согуп турду. Натыйжада, интернетте да уу-дуу кептер күч алып, кайда караба ушул эле кептер айтылып тургандай. Эмесе, ошолордун ичинен бир канчасын назарыңыздарга сунсак...




Атамбаевдин Кой-Таш айылындагы жери боюнча Текебаев көрсөткөн схема

**Тынчтыкбек Атбашингтони**

Алмазбек Атамбаевди билбейм, Албек Ибраимов чоң мафиозник экени ачыкка чыгып калды. 1. Ал "Дастан" заводун башкарып турган маалда стратегиялык объектинин жерин мыйзамсыз жашырып койгон.

2. Ал жер стратегиялык объектинин балансында экенине карабай, күнкарама Директорлор Кеңешинин чечими менен жеке менчикке чыгарган.

3. "Дастан" заводунун Дриекторлор кеңешине "Автомаштын" кызматкерлерин отургузуп алган.

4. Жер тилкесин ачык аукционго койбой эле сатып салган.

5.Жубайынын Анарбек Укукевден сатып алганы жана Алмаз Атамбаевге сатканы боюнча салык кызматында бир да маалымат жок.

6. Мамкаттоонун башчылары менен тил табышып алып, декларациясын жок кылып салды.

7. Аэропортту жетектеп турганда баасы 2 млн. доллар турган борттук тамак-аш жасоочу цехти 12,5 млн. долларга атайылап кымбат сатып алган.

Мына ушул иштер кайсы бир күнү тыкыр иликтенип аягына чыкканда, Албек Ибраимов Абдулла Юсуповдун жанынан жай табышы толук мүмкүн. Тилекке каршы, бул кыңыр иштери менен ал Президент Алмаз Атамбаевдин командасынын беделин түшүрүп, Президенттин жүрөгүн оорутту. Андыктан, эми ал Президенттин саламаттыгына кеткен чыгымдарды төлөөгө тийиш. "Бир карын майды бир кумалак чиритет" демекчи, алда немедей ак, таза иштеп жаткан президент жана анын кристаллдай таза командасын уят кылып, Кой-Таштыктарды көчөгө чыгууга аргасыз кылганы кечирилгис күнөө...

**Марат Максатбеков**

Бул жалганда бирөө кетет, бирөө келет, бирөө күлөт, бирөө ыйлайт, 7-апрелдеги революция кимдин багын ачты? Ошол мезгилде жети килдик улактай болгон Икрам Илмияновдун, Фарид Ниязовдун, Сапар Исаковдун салмактары сайдын ташындай оор болуп калды. Санаасы жок сарт семиз деген сөз бар, бүгүн Атамбаевдин Нью-Йоркко жетпей сыркоолоп калганы буларды күйүнтөбү же сүйүнтөбү? Бүгүнкү күндө президент сыркоолоп турганына байланыштуу спикер бийликти өз колуна алып элдин ынтымагын кармап турганы оң го? Жогорку үчөөнө ишениш жок.

**Saiasat Kg**

Президент Алмазбек Атамбаев өтө оор кылмыштар менен расмий айыпталып жатат. Аны көчөдөгү бирөө эмес, Жогорку Кеңештин депутаты, белгилүү саясатчы Өмүрбек Текебаев ачык күнөөлөдө. Мындай кылмыштарга айыпталгандан кийин Атамбаев актанып, Текебаевдин келтирген айыптоосуна каршы мыйзамдуу аргументин билдирип далилдеши керек. Эгерде, далилдеп, ага коомчулукту ынандыра алса анда мындан ары президент болуп иштөөгө моралдык укугу бар. А коомчулук алдында ал өзүн ишенимдүү актай албаса президент болуп элди башкарууга моралдык укуктан ажырайт. Мындай уят иштен кийин эл алдында бети калың, абийирсиз адам гана эч нерсе болбогондой кайра кайрыла алат.

**Атамбаевдин айыпталып жаткан далилдери:**

1.Максим Бакиевдин жер тилкесин басып алып, ага үй салып жатат. Маародёрчулук.

2.Сеператист, Ош коогалаңынын уюштуруучусу Кадыржан Батыров менен 2010-жылдан 5-июнь күну жашыруун жолугушуп, шайлоодо КСДП менен Батыров башында турган «Ана Ватан» партиясы өнөктөш болуу жөнүндө сүйлөшүү болгон.

3. Кадыржан Батыровдун Кыргызстандан чыгып кетишине Атамбаев Алмаз Шаршенович жардам берген.

4.Кадыржан Батыровдун байлык, мүлктөрүнө КСДПчы Нурмамат Сулайманов ээлик кылат.

Мына ушундай расмий айыптоо Текебаев тарабынан коомчулукка ашкереленди. Алмаз Атамбаев азырынча жооп кайтара элек. Болгону, ал бүгүн Арашандагы туугандарын Акүй алдына алып келип, Текебаевге каршы митинг уюштурду.

**Жакшылык Бердибек Уулу**

Кылмышкер Абдулла Юсуповдун тамтыгы калган жок. Бабанов бир колдонду, таштап салды. Эми Атамбаев колдонуп атат. Болгондо дагы баары Текебаевге каршы колдонуп келишти. Мародёрлука атамекенчилерди күнөөлөп келди эле жогоруда мен кеп кылган адамдардын командасы. Мына кечөө ким мародер экени аныкталып отурат! Акыл-эси бар адам чыдай алгыс мындай ыпластыкты ким карап туруп унчукпай коё алат? Себеби, ошол ыплас ишке барган адам көчөдө калган алкаш болсо мейли дейт элек. Бирок мамлекетти мына ошолор башкарып жатпайбы. Мына кыргыз элинин шору ушулар. Эгер келечегибиз кең болсун десеңер, урматтуу мекендеш, бул маселеге кайдыгер карабагыла, чындык тарапка өткүлө.

**Дайырбек Арунов**

Кандуу жолдордо ГАИлер жок. Эмнеге? Ал жактарга баруу үчүн жол алыс, май керек, тамак-аш керек. Ошондуктан ГАИлер кан жолдордо жок. Аларга майды эч ким куюп бербейт. Жумуштук машиналарына өз чөнтөктөрүнөн куюшат. Кантип? Элден алган "шабашкасы" менен. "УВДда реформа кылдык", "Патрулдук Милиция болуп калдык", "Кыйраттык" деп эле жатышат. Карандай калп. Баары калпычы, министринен баштап, ошол реформа кылып салдык деген жөнөкөй кызматкерине чейин калп айтат. А чындап келгенде баягы эле таз кейпинде. УВД структурасы ушунчалык коррупцияга чыланып бүткөн, жийиркенип, кускуң келет. Жөнөкөй ДПС болуш үчүн, пара бересиң, азыр наркы бир ЖЫЛКЫ! Биз Нарында ушинтип коррупциянын наркын да мал менен баалап калганбыз. Көнүмүш адатка айланып баратат. Анткени акча алсаң, отпечаткадан "взятка" деп камалып кетесиң. А мал менен бычышып койсоң, Бир күнү аш-тоюңа, же согумга ошол ДПС болгон баланын берген малын союп коёсуң. Болбой баратса ошончо акчасын аласың. Ким тана алат кана? Ким коррупция жок дей алат азыр УВДда? Эч ким!!

Аларга укук бергенде эч нерсе өзгөрбөйт. Аларды кан жолдорго чыгарыш керек. Чоң трассаларга чыгып, көзөмөл кылышы керек. Ошондо эл жай айдап калат. Ошондо кичине сестенет. А бул ПМлар (патрулдук милициялар) болсо, май куюп, ал жактарга барып убара болбой, шаардын кычык-пычыгына мышыктай туруп алып аңдып коюп жатышат. Кенедей Нарында базар жакта бир тараптуу жол бар. Болгону бир эле жол. Мурда 6дан кийин ал эки тараптуу эле болуп калчу. Жол жасалып, ал белгини алып салышкан экен. Эми кечкисин ошол бир тараптуу жолду аңдып коюп, патрулдук милиция жатат. Жакында видеосун тартып туруп чыгарам. Митаамдык бул. Бар, кан жолго түндө тур! Бар ошол трассаларда иште. Шаардын ичинде 40 менен бараткан адамды токтотуп алып, бир тараптуу жолдо баратасың деп "шабашка" кылбай.

**Тынчтык Атбашингтони**

Уккан кулакта жазык жок...

Бишкекте ШКУнун жыйыны өткөндөн кийин коңшубуз Нураке Назарбаев ШЕФтин туулган күнүнө катышпай, куттуктабай, шашылыш эле кетип калганына таң калып калганбыз. Ал тургай кечээ коңшулар сүйлөшүп калсак, бир байке "Назарбаев Атамбаевге Путиндин Невский орденин бергенин көрө албай койду, ээ?" деп менден сурайт. Билбеген соң унчукпан эмесмин. Ичимден Нураке анчалык ичи тар, майдачыл киши эмес эле деп койгом.

Көрсө, Нураке менен ШЕФтин ортосун чындап эле кара мышык аралап кетиптир. Өздүк булактардын билдиришинче, жыйындан кийинки тамактануу маалында эмнеден улам экени белгисиз, экөө уруша кетиптир. Катуу айтышып, арачага түшкөндөр эптеп тыйып калышкан. Мына ушундан улам Нуракенин маанайы түшүп, туулган күнгө да катышпай, Үркүндүн эстелигине да гүл койбой, таазим этпей баса бериптир...

Албетте, кимиси чырды баштаса да, камчынын арты келип элдин жонуна тиери, Бажы Биримдигинде турганыбызга карабай, казактар ансыз да биздин өндүргөн продукцияларды өткөрбөй жаткан чакта, мындай окуянын кереги бар беле же жок беле?! Айтор, укканым ушу, ылайым андай болбой эле калса экен, бул жөн эле сөз болуп калса экен деп тилейли...

ТЫНЧТЫК АТБАШИНГТОНИ

# Ар кимдин өз милдети бар

Бир жолу чаян өзүн дарыянын аркы жээгине алып өтүү үчүн ташбаканы көндүргөн экен. Анын жонунда тынч отуруп келаткан чаян аркы өйүзгө жуп жетерде чыдабай кетип, аны акыры чагып алыптыр. Ага наразы болгон ташбака:

–Башкаларга жардам берүү – менин табиятым. Мен сага жардам бердим. Мени чакканга кантип дитиң барды?!

–Досум, – деп жооп бериптир чаян, – сенин табиятың – жардам берүү, меники – чагуу. Анда кандай, сен эми өз табиятыңды изгилик деп тапсаң, а меникин жүзүкаралык деп тааныйсыңбы?

# Заманбап

Орто жашап калган адам Microsoft компаниясына короо шыпыргыч болуп орношкону келип, кадрлар бөлүмүнүн менетжерине кайрылат. Менетжер тиги адамга бир нече суроо берип, кыскача тест жүргүзөт. Акырында чечим кабыл алып:

– Сиз, жумушка кабыл алындыңыз. Бизге электрондук дарегиңизди калтырып кетиңиз. Дарегиңизге жумушка кайсыл жерге келериңиз тууралуу билдирүү жиберип коёбуз, – деди.

– Менин электрондук дарегим түгүл, компьютерим да жок, – деп эптеп жумушка орношконуна сүйүнүп турган эменин жаны чыгып кетти.

– Андай болсо биз сизди жумушка ала албайбыз. Сиз виртуалдуу жашабагандан кийин жок экенсиз да, – деп беркинин ындынын ого бетер суутту. Чөнтөгүндө болгону 10 доллары калган эле. Жашоодон үмүтүн үзүп кетип баратып, оюна бир нерсе келди. Жер-жемиш саткан базарга кирип, 10 кг. помидор сатып алып, жол боюндагы үйлөргө сунуштап жүрүп отуруп, 2 сааттын ичинде сатып койду. 10 доллары 20 доллар болуп калса болобу? Ушундан кийин ал бул аракетин үч мертебе кайталады. Заматта эле чөнтөгүн 160 доллар кытыгылап калды. Мындай киреше менен жумушка орношпой эле жашаса боло турганын түшүнүп, күн сайын таң заардан туруп, каш карайганга чейин алып-сатмайды адат кылып, кирешесин үч-төрт эсеге чейин жогорулатканды үйрөнүп алды. Бир аз убакыттан кийин жеңил унаа да сатып алганга жетишип, кийинчерээк оор жүк ташуучу унаанын ээси болду. Ошентип жүрүп элдин керек-жарагына керектелчү товарларды ташый турган фирма ачканга да үлгүрдү. Бир күнү отуруп эртеңки келечеги тууралуу ой терметти. Оюнда өз өмүрүн, үй-бүлө мүчөлөрүн камсыздандырып коюуну чечти. Эртеси камсыздандыруучу компаниянын кызматкерине кайрылып оюндагысын айтты. Анда тиги:

– Макул байке, сизди камсыздандырып коёбуз, электрондук дарегиңизди калтырып кете берсеңиз болот, – деди. Муну укканда ишкердин көзү алайып туруп:

– Мурдагыдай менин дагы эле электрондук дарегим тургай, компьютерим да жок, – күлүп жиберди.

– Сиздики укмуш экен, байке. Ушунчалык чоң иштерди жүргүзүп жатып электрондук дарегиңиздин болбогону кандай? Сиздин компьютериңиз болгондо мындан да бай адам болмок белеңиз? – деп кызматкер таңыркап турса, ишкер:

– Жок иним, компьютерим болгондо мен азыр Microsoft компаниясында короо шыпыргыч болуп жүрмөкмүн, – деп жылмайып жооп кайтарган экен.

## Идеал

Бойго жеткен жигит идеалдуу аялды издеп таап үйлөнмөк болот. Бирок бир канча жыл өтсө да, ал үйлөнбөй жүрө берет. Бир күнү ага эски досу жолугуп калып суроо узатат:

–Идеалдуу аялды таба алдыңбы?

–Ооба, таптым.

–Анда эмнеге ага үйлөнгөн жоксуң?

– Анткени ал идеалдуу эркекти издеп жүрүптүр...

# Кароолчунун уулу

Кембагалдын үйүндө уулу чоңоюп келе жатты. Атасы райондогу белгилүү ишканада кароолчу, короо шыпыргыч, энеси болсо анда-мында кир жууганга буюртма чыга калганы болбосо үй жумушу менен эле алек. Уулу мектепти бүтүп, окууга тапшыра турган болду. Ата-энесинин түшүнө кирбеген акча сарпталат экен окуусуна. Булардын жарыбаган айлыгы бала окутканга кайдан жетсин. Атасы эмне кыларын билбей, акча издеп барбаган жери калган жок. Ишкана жетекчисине шартын түшүндүрүп, акча сурады эле, “Сенин уулуң окуп эмне кылат. Андан көрө, сага жардамдашып кара жумуш кылып жан баксын. Чоң шаарда ага эмне бар? Омеей, деле мунун дымагын көр, окуйм дейт турбайбы. Үстүнө үйрүп салар кийими жок, кызынын аты Ак Мөөр” деп жети өмүрүн жерге киргизе басынтып, киши катары көрбөй иш бөлмөсүнөн айдап чыгарып койду. Ошентсе да байкуш киши чөгүп калбай, намыстанып, туугандарын түрө кыдырып жүрүп бир аз тыйын тыпыр таап уулунун колуна карматып: “Ак жолуң ачылсын уулум, кембагал болсом эмне кылайын. Эми мындан аркысын таалайыңдан көр” деп баласын автобуска салып, чоң шаарга кол булгалап узатып кала берди.

Баланын багы бар экен. Тырышып окуп жүргөнүнүн пайдасы тийдиби, жогорку окуу жайдын экономфагына өтүп кетти. Балдардан өзгөчөлөнүп окуду. Тегерегиндеги чөйрөсү да жакшы болду. Күндүзү окуп, түнү иштей койгонго да жетишип жүрдү. Оюнда ата-энесинин ишеничин актап, жакшы адам болуу бар болчу. Окуусун артыкчылык диплом менен бүтүргөндөн кийин “көздүү мончок жерде калбайт дегендей” мамлекеттик эсеп палатасына аудит катары кызматка чакырышты. Ошентип мамлекеттик кызматта текшерүүчү болуп иштеп калды.

Күндөрдүн бир күнүндө аны өзү туулуп-өскөн жердеги атасы иштеген мекемени текшерүүгө жиберип калышты. Ишканын жетекчиси баягы киши аны кире бериштен эле тосуп алды. Кире берište шыпыргысын колуна кармап турган атасынын көзү көзүнө чагылыша түштү. Ал акырын гана атасына баш ийкеп коюп, ичкериге кирип кетти. Текшерүүчүгө текшере турган мекемеде жакын туугандары болбошу шарт эмеспи мыйзамда. Ошондуктан ал атасы менен бейтааныш кишидей болуп эле учурашып койду.

Текшерүүчү жигит ошол эле күнү ишин бүтүрүп, атасы менен да коштошпой борборго кетип калды. Ичинен атасы менен жолуга албай, ага көңүл бура албай койгонуна абдан уялып кыжаалат болду.

Ал эми атасы нөөмөтүн өтөгөндөн кийин үйүнө келип, энесине шумдуктуудай окуяны айтып бере баштады:

Өй, кемпир, сөз ук. Кечээ эле элдин баары кеп кылып аткан “өтө коркунучтуу, акчага сатылбайт экен” деген текшерүүчү келди. Жумуштагылардын баары документтерин даярдап, уктабай конуп-түнөп даярданып чыгышпады беле. Бүгүн келди. Ким экен дебейсиңби? Ой, ал биздин карачечекей уулубуз экен. Шоопуру да бар экен. Кычыраган машийнеден зыңгырап түшүп келе жатпайбы анан. Көргөн көзүмө ишене албай туруп калыпмын. Деректир өзү тосуп алып, колунан колтуктап бөлмөсүнө киригизип баратканда мени көрүп башын ийкеп койду. Ой, ал мени менен, эч кимдин көзүнө көрүнбөгөн, ит да эсептешип койбогон, демейде эч кимдин көзүнө көрүнбөгөн жөнөкөй короо шыпырган кароолчу менен салабаттуу учурашып койбодубу. Андан кийин көрүп ал калаймаканды. Уулубуз элдин ырыскысын жеген бул уурулардын сазайын берди го, чиркин. Уурдалгандын баарын таап, көздөрүнө такап көргөзүп бербедиби. Эсиңдеби, алар менин айлыгымды эч себепсиз айлап төлөбөгөнү аз келгенсип, кесип мазакташчу эле. Ал эми бүгүн сен экөөбүздүн уулубуз алардын акесин таанытты. Чиркин, башкы бугалтир менен деректирдин ээсине жагалданган иттей болуп бөйпөңдөгөнүчү. Уулуң болсо ансайын бир сырдуу. Желген ар бир тыйын үчүн жооп беришип, төлөмөр болушту. Мойнуна илди. Ыспарапкесин жазып колдоруна карматты. Кирерге гана тешик таппай калышты. Таба эмес, тообо. Мен ушул учур үчүн эле жашаган окшойм. Эми өлсөм арманым жок”, – деп жетине албай, кемпирине Берлинге туу сайгансып уулу тууралуу тынбай божурап жатты.



# Атканага айланган Ак үй

Байыркы Грек уламыштарында Авгейдин атканасы деген түшүнүк бар. Айтуулар боюнча Авгей аттуу сан жылкылуу бай атканасы кыкка толгондо тазалатыш үчүн Гераклды жалдаган имиш. Ошондо Геракл аткананы карап туруп жылдап тазаласа да бүтпөй турганын көрүп, эки дарыянын суусун буруп жиберген экен. А тоо суусу жөн турчубу? Аткананын бир заматта тазалап, жууп таштады дейт. Ооба, элди да так ошол тоо суусундай десек болот. Бир көтөрүлүп алса алдындагыны жайпап жууп кетет...

## АТКАНАНЫН 1-ТАЗАЛАНЫШЫ: АКАЕВ ЗАМАНЫ

Ооба, Кыргызстан өзүнчө мамлекет болуп түптөлгөнү Ак үй 2 жолу Авгейдин атканасынын кейпин кийди. Биринчиси, 2005-жылдын 24-мартында Аскар Акаевдин бийлигин кубалады. Ооба, убагында «Кыргызстанды 2-Швецарияга айлантам» деп элди кыялга бөлөп коюп, нары жактан эл байлыгын так ошол Швецариянын өзүнө ташып жүргөн Акаев бара-бара ажыдаарга айланып, бийликке бала-чакасын, аялын аралаштырып жиберген. Эмесе ошол элдин канын кызыткан себептерди бир сыйра эске сала кетсек:

### 1) Коррупция жана үй-бүлөлүк башкаруу

Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча, президенттин үй-бүлөсүнүн жана жакын чөйрөсүнүн капчыгына түшкөн паралардын суммасы республиканын Ички дүң өнүмүнүн 20%ына жакын болгон. Акаевдин режимин кулаткан ыңкылаптан кийинки жылдары Кыргызстандын маалымат каражаттарында Акаевдин бийлиги маалында дээрлик бардык мамлекеттик кызматтар сатылып келгени жана президенттин жубайы Майрам Акаева менен уулу Айдар Акаев кызмат "сатууда" өзөктүк роль ойногону тууралуу маалыматтар жарыяланган. Ошондой эле журналисттер Акаевдин күйөө баласы, ишкер Адиль Тойгонбаев (Казакстандын жараны) өлкө экономикасынын бардык кирешелүү тармактарын көзөмөлдөп келгенин жазып чыгышкан.

2005-жылдын февраль айында Кыргызстанда Жогорку Кеңешке шайлоо өтүп, ага президенттин улуу балдары – Айдар жана Бермет катышкан. Ал маалда Айдар Улуттук олимпиада комитетинин президенти жана Кыргыз Республикасынын Бокс федерациясынын президенти болчу. Ошондой эле Айдар финансы министринин кеңешчиси болуп иштечү. Бир катар эл аралык уюмдар мыйзам бузуулар менен өттү деп тааныган шайлоодон кийин Айдар менен Бермет парламенттин жаңы чакырылышынын депутаттары болуп калышкан.

### 2) Казына уурулук

Айдар Акаев өлкөдөгү медиа-бизнести, алкогол өндүрүмүн, "Манас" аба майданындагы "Танси" авиабазасына күйүүчү май жеткирүүнү көзөмөлдөгөнү белгилүү болчу. 2005-жылдын ноябрь айында Айдар "Манас" аба майданынын ээлеринин бири болгону аныкталып, ага карата "Танси" базасына май сатуудан түшкөн ондогон миллион доллар каражатты өөнөп алган деген айып коюлган. Анын ысымы курал-жарак саткандар жана башка кылмыштуу топтор менен болгон бүтүмдөрдө айтылган. Каражаттын кайсы бир бөлүгүн Айдар Акаев адвокаттар аркылуу мамлекетке кайтарганы маалымдалган. Ошондой эле Акаевдин күйөө баласы Адиль Тойгонбаевге (улуу кызы Берметтин күйөөсү) карата беш кылмыш иши козголгон (анын ичинде "Көмүскө бүтүмдүн негизинде адамдар тобунун алдамчылыгы", "Уурдоо" жана "Чарба жүргүзүүчү субъекттердин кызмат адамдарынын салыктарды жана милдеттүү камсыздандыруу салымдарын төлөөдөн качуусу" беренелери). Мамлекетке келтирилген зыян 19 млн. доллардын тегерегинде бааланган. Президенттин жубайы Майрам Акаева жетектеген "Мээрим" кайрымдуулук фондуна 30дан ашык кылмыш иши козголгон. Фонддун мамлекет казынасына келтирген зыяны 64 млн. сом деп бааланган. Мындан тышкары, "Лента.ру" кабарлагандай, Аскар Акаев финансы документтерин түзбөстөн жана бажыда документтештирбестен 17,25 млн. доллардык 1635 килограмм алтынды Швейцарияга чыгарып кетүүнү тапшырган.

### 3) Өлкөнү бүлүндүрүү

"1994, 1996, 1998 жана 2003-жылдардагы референдумдардын натыйжасында Кыргыз Республикасынын Конституциясына бир топ өзгөртүүлөрдү киргизгенден кийин президенттин позициясы ого бетер бекемдеди. Кадр саясаты да бир кыйла деформацияланды. Мамлекеттик кызмат системасында кеңири жайылган кызмат орундарды сатуу-сатып алуу практикасы башкаруудагы көйгөйлөрдү тереңдетти. Башкаруучу элитанын бийликтин бардык бутактарын узурпациялап алуусу өлкө жетекчилигинин, соттордун жана саясий системанын легитимдүүлүгүнүн кризисине алып келди.


Эгемендик жылдары өлкө көптөгөн эл аралык уюмдардан грант жана насыя алып, алардын басымдуу бөлүгү "үй-бүлөнүн" жана ага жакын чөйрөнүн капчыктарына түшүп турган. Ошону менен бирге негизги экономикалык тармактар президенттик үй-бүлө мүчөлөрүнүн көзөмөлү алдында болуп келген.

1990-2005-жылдары 994 миң киши миграциялык агымга кабылып, алардын ичинен 52%ы башка өлкөлөргө туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткен.

### 4) Мамлекеттин жерин таратып берүү

2005-жылы парламент депутаты Азимбек Бекназаров Аскар Акаевге импичмент жарыялап, аны кытай тарап менен жашыруун макулдашуу түзүп, Үзөңгү-Кууушту Кытайга берген деп айыптап чыккан. "Азаттыкка" курган маегинде укук коргоочу Азиза Абдирасулова Үзөңгү-Кууштан тышкары кошуна өлкөгө жалпы аянты 27 миң гектар болгон башка жерлер да, анын ичинде Хан-Тенгри, Сары-Жаз жана Торугарт да берилгенин айткан.

Акаевден кийин бийликке келгендер мурдагы бийлик казак президенти Нурсултан Назарбаевге Ысык-Көлдүн жээгиндеги жер тилкелерин Жамбыл облусу менен чектеш айдоо жерлердин ордуна бергенин айтып чыгышкан. Каркыра жайытынын Казакстанга берилишинин тегерегинде да бир топ наараазычылыктар чыккан. Кийинчирээк Азимбек Бекназаров Казакстан Кыргызстанга Ысык-Көлдүн жээгиндеги Акаев берген айрым эс алуу жайларын кайтарып бериши керектигин айтып чыккан.




**Аскар Акаев китеби, 2005-жыл**

Сүрөт/ Sputnik

### 5) Кумтөрдүн алтыны

Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча, Айдар Акаев ошол маалда эч кандай мамлекеттик кызматты ээлебесе да, 2003-жылы "Кумтөр" долбоорун кайра түзүү боюнча канадалык "Камеко" корпорациясынын өкүлдөрү менен Канаданын Торонто шаарындагы сүйлөшүүлөргө катышкан.

Башкы прокуратуранын басма сөз кызматы 2013-жылы билдирүү таратып, анда "Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, буга чейин "Кумтөр" долбоорунда 66,7% ээ болгон республиканын үлүшү Centerra Gold Inc аттуу жаңы компанияда акциялардын 33%га төмөндөгөн. Ушундай кайра түзүү натыйжасында "Камеко" корпорациясы Centerra Gold компаниясындагы акциялардын көзөмөл пакетине (67%) ээлик кылуу менен Кумтөр кенин толук колго калган. Николай Танаев "Кумтөр долбоорун кайра түзүү жөнүндө" өкмөт токтомуна кол койгон.

### 6) Аксы окуялары

2002-жылдын 17-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы айылында жергиликтүү тургундары Кыргызстандын аймагынын бир бөлүгүнүн (90 миң гектар жер) Кытайга берилишине каршы чыгышкан. Митингге аксылык депутат Азимбек Бекназаровдун камакка алынуусу да себеп болгон. Натыйжада күч кызматкерлери чыгарган октон алты киши набыт болуп, дагы 90го жакын киши жаракат алган. Аксы окуяларынан кийин ошол кезде премьер-министр болгон Курманбек Бакиев жана анын өкмөтү отставкага кеткен.

## АТКАНАНЫН 2-ТАЗАЛАНЫШЫ: БАКИЕВ ЗАМАНЫ


Ошентип, ушунча ыпластыкка толуп, былгып чыккан «Авгейдин атканасын» 2005-жылдын 24-мартында кыргыз эли бир шилтем менен күркүрөтө жууп, таптаза «Ак үйгө» айлантып койду. Бирок, ал жер ошол эле тазалыгы менен тура берсе кана? Жок, антип тура алган жок. Кийинки келген президент Курманбек Бакиев мурунку Акаевден өтүп, жаркылдаган Ак үйдү бир заматта тезекке толтуруп таштады. Натыйжада, эл кайра көтөрүлүп, «атканага» айланган Ак үйдү жана бир тазалап өттү.

Эмесе, 2010-жылдын 7-апрелинде өткөн «тазалоонун» себептерин айтсак:

### 1) Коррупция жана үй-бүлөлүк башкаруу

2005-жылы 24-марттагы төңкөрүшчүлөрдүн эң башкы талабы К.Бакиев жетектеген Кыргызстандын элдик кыймылынын (КЭК) элге берген убадасы боюнча тезинен конституциялык реформаны жүргүзүү болгон. Бирок, К.Бакиев конституциялык реформа жүргүзгүсү келбей, ар кандай шылтоолор менен убакытты чоё берген.

Ушундай кырдаалда, 2007-жылы



**Ак үй, Бишкек, 2010-жыл**

Сүрөт/
Андрей Стенин



**Курманбек Бакиев, 2010-жыл**

Сүрөт/
Reuters

21-октябрда, референдум аркылуу «бакиевдик конституция» кабыл алынган. Ага ылайык, президент Бакиевдин ыйгарым укуктары, 2003-жылкы «акаевдик конституцияга» салыштырганда эбегейсиз көбөйгөн. 2007-жылы 16-декабрда эң ыпылас парламенттик шайлоо өткөрүлүп, Жогорку Кеңештеги 105 орундун 71 мандатына «ээ болгон» бакиевдик «Ак-Жол» партиясы бийликке келген.

2009-жылдын аягында кайрадан Конституцияны жаңы долбоору даярдала баштаган. Долбоордо башкаруунун монархиялык формасы, же болбосо президенттик орун президент Бакиевдин уулу Максимге түздөнтүз өтөөрү көрсөтүлүп, Баш мыйзам өзгөртүлө электе эле ал үчүн мамлекеттик институттар жаралып (Инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттик), ошол эле учурда айрым конституциялык бийлик органдары жоюлган. Өлкөнү иш жүзүндө Максим Бакиев башкарып калган.

## 2) Казына уурулук

Өлкөнүн экономикасынын пайдубалын түзгөн өндүрүш дээрлик кыйраган. Кен байлыктарга, отун энергетикасына, өндүрүш каражаттарына эл, же мамлекет ээ болбой, үй-бүлөнүн кызыкчылыгы үчүн менчиктештирүү, чет өлкөлүктөргө пайдаланууга берүү схемалары түзүлүп, ишке ашырылган. Акчаны чет өлкөлөргө чыгарып кетүү тездик менен улантылган. Электр энергиясын сыртка сатуу кыймылдары ачык болгон эмес. Токтогул суу сактагычындагы суунун деңгээли эң төмөнкү чекке жетип, элдин үйүндөгү электр жарыктары өчүрүлө баштаган. «Кышка карата тезек тергиле» деген президент Бакиевге элдин кыжыры кайнаган.

## 3) Өлкөнү бүлүндүрүү

Коррупция күч алып, укук коргоо, сот, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү акчасы же таанышы болбогон карайлаган элдин «жонунан кайыш тилген». Мамлекеттик кызматка өздөрүнүн жакындарын, туугандарын, жердештерин алуу күч алган.

«Айран жокто максым бар, Айдар жокто Максим бар» деген жаңы ылакап чыгып, мурда Айдар түзүп кеткен коррупциялык схемаларды Максим андан ары «өркүндөтүп, гүлдөтүп», Интерполдун издөөсүндө жүргөн эл аралык деңгээлдеги аферисттерди (В.Белоконь, М.Надель, Е.Гуревич, А.Елисеев, С.Костырин, М.Цой, бир тууган А. жана С.Кимдер, А.Темирбаев ж.б.) Кыргызстанга алып келип, аларды жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындап, өлкөнү талап-тоноо багытында иштешкен.

## 4) Буйрутма өлүмдөр

ЖМКлар бакиевдердин үй-бүлөсүнүн толук көзөмөлүндө болуп, башкача ой-пикирди чагылдыргандар куугунтукталган. Президенттин алдында белгилүү журналист О.Малеваная башында турган катчылык түзүлүп, «бөрк ал десе баш алган» журналисттер кызматка алынган. Борбордук Азиядагы саясий турмушту чагылдырган бир катар интернет-сайттар жабылган.

Бакиевдердин режимине каршы чыккан көптөгөн эр-азаматтардын көзү тазаланаган. Учурунда өздөрүнө эмгеги сиңген, бирок, кийин оппозиция тарапка ооп бараткан, белгилүү саясатчы Медет Садыркулов да соо калган эмес. Айрым оппозиция лидерлери чет өлкөлөргө баш калкалап кетүүгө аргасыз болушса, дагы бир тобу өлкөнүн ичинде эле жашырынып жүрүп калышкан.

## 5) Жер сатуу жана эл тоноо

Бакиев бийлеп турган учурда Каркыра жайлоосу, Ысык-Көлдөгү 4 пансионат казактарга берилип (2003-жана 2006-жылдары Парламент буга жол берген эмес, бул чечимди 2008-жылы «Ак-Жол» партиясынын өкүлдөрү көпчүлүктү түзгөн парламент кабыл алып берген), Жетим-Тоо, Арпа, Аксайдын айрым участокторун Кытайга ижарага берүү процесси жүрүп жаткан. «Түндүк электр», «Чыгыш электр» ААКлары, Кыргызтелеком менчиктештирилип, электр энергиясынын жарандар үчүн баасы 2010-жылдын 1-январынан эки эсеге кымбаттап, ал эми 2010-жылдын июль айынан баштап беш эсе кымбаттаары чечилип, уюлдук телефонду пайдалангандарга ар бир чалганы үчүн 60 тыйын кошумча баа киргизилген.

## Аткана кайра толдубу?

Ошентип өзүңүздөр көрүп тургандай, "ат кыгына" толуп, былгып чыккан Ак үй шаркырап аккан элдин агымына туруштук бере албай 2 ирет тазаланды. 2 ирет карапайым калк жакшылыктан үмүт кылып, жамандык менен бетме-бет туруп күрөштү. Нечендеген кан төгүлдү, нечендеген жаш куюлду. Арзанга турган жок. Ал күндөрдү кээ бир саясатчылар балким манты жеп отуруп өткөргөндүр, балким ошол күндөрү эптеп элге жагынып, эптеп бийликке жетсем кийин баарын кууп жоготом деп тургандыр. Бирок кандай болгон күндө да элдин ниети суудай таза болчу. Былгымаларды шарактата агызып, мамлекетти жегичтерден, чириткичтерден тазалоо эле алардын ниети.

Анткени менен Ак үй кайра эле атканага айланып бараткансыйт. Себеби, ал жактан кайра эле көңүл иренжиткен жыттар келе баштады. Баягы эле бийликти жеке кызыкчылыкка пайдалануу, дос-жарлары менен бөлүшүү, мамлекеттик мүлктү өзү билгендей колдонуу кайра эле башталды. Убадалар унутулду, шайлоолор жаңы ыкмалар менен одоно бузулду. Коомдук, улуттук деген каналдарда кайра эле кимдир бирөөнү ашкере мактамай, кимдир бирөөнү ашкере шыбамай күч алды. Кумтөр, жер сатуу, кызмат ордун сатуу, адилетсиз соттор, электр энергиясы, жумушсуздук жана миграция маселеси курчуду. Ал тургай акыркы убактардагы кайра эле сырткы күчтөрдүн көзүн кароо, пайда-зыянын эсептебей туруп, түрдүү келишимдерге кол коюу, жергиликтүү ишкерлердин кызыкчылыгын коргой албоо деген көйгөйлөр мурункудан да өрчүп бараткансыйт. Мигранттардын, чет жердеги ишкерлердин укугу унутулду. Миллиондон ашык ишке жарамдуу жаранымыз сыртта жүрөт. Бирок аларды кайра мекенине кайтаруу, жумуш менен камсыз кылуу маселеси ойлонулган да жок. Ар кандай ойлонулбай айтылган кептердин айынан кээ бир өлкөлөр менен мамиле бузулду. Жана эң акырында ушунун баары аз келгенсип, кудум мурунку бийликтегилер кылып келгендей референдум өткөнү турат. Башка маселенин баары бүтүп калгандай, мамлекеттин акчасы ашып-ташып, кайда короторун билбей аткандай референдум жана шайлоо өткөнү турат. Убада кылынган 2020-жылды күтпөй, Кыргызстан жок болуп кетчүдөй шашылыш шайлоого умтулууда... Мындайдын арты жаман болчу эле. Себеби убагында Акаев да, Бакиев да ушул жолдор менен басып, ушул жолдор менен кургуйга кулаганын кээ бирөө эле унутуп калбаса, көпчүлүктүн эсинен кете элек...



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

— Мейли, кайда калбаган бир жан. Улугу адил болсо ошол жерде текшерип көрсүн,— деп мойноп, көнбөй койгон.

Биз жатып алган кезде түрсүлдөтүп жөнөп баратышып:

— Жанымжан, үйдө Торгойакун калды. Уйду саап берип тур,— деди Байболот.

Эртеси биздин үй өз ара кужурашып кечээ Байболоттукунда болгон окуя тууралуу кеп уруп отурушту. Башка кишиден Назыр бучук деген киши отурат. Кечээги Карабайдын айтканын кеп кыла келип Бейшемби:

— Атасынын көрү, кетсем да ошолордун бирин жайлап туруп кетермин,— деп койду.

— Кой балам, анын балалык чыгар, «Өлбө жаным өлбө»,— деп өзүбүз минтип араң турганда балээни чакырып эмне кыласың,— дейт Бурмаке.

Ушул убакта бирөө келип, Бейшембиге бир кагаз берип кетти. Сырты чапталуу экен. Ичин ачты да оку деп мага сунду. Урманбеттен келген кат экен. Өмүрүбүздө «кат» дегенди көргөнүбүз да ушу болсо керек. Баягы бир жылы Турат молдонун үйүндө жүрүп, билип алган чала сабатым менен тамтаңдап окуй баштадым. Сөздөрдүн башын жыйнап түшүнө албай, көңүлүмдө булдур гана бир нерселер калып барат. Бир жеринде: «Биз Украин, Ашкабат деген жерлерден өтүп кеттик. Кайда барып токтоорубуз азыр маалым эмес…» деген сөздөр бар. Аягына бир ыр жазыптыр:

Арт жагымды карасам.
Алыста калды сансыз жан.
Келгис жерге жол тартып,
Керменге кетип баратам.
Кара чунак көп жетим,
Кабарсыз болуп мен кеттим.
Көтөрбөскө чара жок,
Падышанын милдетин
Бу дүнүйө жалганың,
Ичимде көп арманым.
Душмандан кегим ала албай,
Айдалып кетип калгамын.
Өткөрүп нечен күндөрүн,
Мен алыста жүрөмүн.
Өлбөй жүрсөм бир күнү,
Керменден кайтып келермин…

## XI

Мындан бир нече күн мурун эл ичинче: «Падыша кыргыздан солдат алмак болуптур» деген сөз тараган. Бул сөз адегенде «имиш-имиш» сыяктуу болуп көрүнсө да бара-бара абдан чындыгына жеткендей ырбап, күчөнүп алган. «Солдат эмес, солдаттарга ор казууга кара жумушка алынат экен» деп да коюшат. Сөз көп… Ошондуктан жайлоодо болсун, жакада болсун элдин кары-жашы дебей эрмеги да ушул болуп, эртели-кеч бир дөңгө жыйналып алып, ар кылымдын башын чарпып аңгемени ушундан козгойт да жатат.

—Атасынын көрү, солдатка баргыча ушул жерден эле өлүп беребиз—деп күүлөнөт бир кур боз балдар.

—Чындап башка күч келсе, колдо мал деги бар, кедейлерден сатып, ордуна жиберсек да, балдарыбызды бир сапарынан алып каларбыз,— дешет дагы бирөөлөр.

— Ушинтип эле турбас, балким заман оңолуп кетээр.

— Байлар го балдарын сатып алып калсын, түгү жок биз эмне кылдык?

—Мейли, кайда болсо бир өлүм. Алам десе мына, солдатка кеткенде биздин кайсы аялуу баш, айдалуу малыбыз артыбызда калып жатты эле. Кедейге кайда болсо баары бир. Бирок кетсек да ошо бизди кармап бергендер менен соо калышпаспыз,— дейт эми бир даары.

— Алда кандай заман болоор экен…

— Бул эр азаматтын башына туулган кыйын күн!

— Солдат алган менен деле байлардын түрү коробойт экен, дагы эле салмактын баары баягы көрө жүргөн кедейлерге түшөт экен го…

— Жанын кыйып, ким эле бара коёр дейсиң, эл да ойлоно жатаар…

Ушинтип элдин эси бир жерде турбай уйгу-туйгу түшүп, эки таалай болуп жатты.

—Солдат алуу тууралуу падышадан эл-элге буйрук тарагандан кийин: Кыдыр, Баатыркан, Ырыскелди, Соодонбек сыяктуу бугунун кочкор башы жакшылары баш кошуп, кеңешип, бир даары беребиз, бир даары бербейбиз дегенге келишет. Кыдыр — беребиз деген жагынын башы. Жакшылардын бул өңдөнүп, бир чечимге келе албай эки жарылып калтылдакка түшүүсүнүн чоң себеби да болду.

Анткени, солдат бербейли деп ага чыдабай, берели десе «эгер бизди солдатка кармап берчү болсоңор, алды менен силерди жайлап туруп, анан кетебиз» деп колуна түкүрүп, дүркүрөп, бирден көтөрүлгөнү турган калың букарадан айбыгып, артын качырып, жалтактап турган эле. Эми чыны менен карарып алган элдин түрүн сезип, өздөрү да ашуудагы туюкка камалгандай бир жагына чыга албай, айласы кетип турган сыяктуу эле.

Ушул себептен болсо керек, мындан көп узабай солдат бербейбиз деген үчүн Албан казагынын Абубакир, Узак, Жаманке деген жакшыларын Каркырадан кармап алып, Караколгр алып кетиптир деген кеп угулду.

Ушундай учурлар болуп жаткан тушта апийим тилими келип калды. Ушул бир-эки жылдан бери кыргыз жерине кытай, дуңгандар келип, элге апийим айдоо жайылган. Мурун апийимди Үрүмчү, Кашкар, Турпан, Кулжадан келген кытай, дунгандар гана айдаса, соңку кездерде кынык алып кыргыздар да айдоочу болгон. Ошону менен кошо кыргыздан кызыл кулак, соодагер чыга баштаган.

Бир күнү Солто деген тууганыбыз келип, Беккул экөөбүздү ушул апийим тилимине алып кетмек болду. Солтонуку — Сарытологойдо. Быйыл Чоң-Таштан жер которулуш болуп, биздин Эрке-Сары бүт ушул жакка оонаган. Сарытологой — бириндеген, бузулган, жаман тамдардан курулган бир көчө кыштак.

Биз менен бирге Ырай дегендин баласы — Кыдырманы да алып кетмек болду. Ырай оорулуу, чолок киши — балдак менен жүрөт. Кыдырма мунун жалгыз баласы. Өзү үч баш жан. Малдан жалгыз кыңыр куйрук, жамбашы чабдар аты бар. Өзүнүн өмүрүндөгү кесиби — жакын арадагы базарлардан барып насыбай алып келип, ошону айыл аралатып, кыдырып сатат да жүрөт. Күн көргөн бар оокаты ушул. Анын уулу Кыдырма менден саал кырдууураак, далылуу, болук, жайык бет, кызыл тоголок бала. Бирөөдөн жалынып жардам сурачудай, дайым аянычтуу болуп көзү жалдырап турар эле.

***(уландысы бар)***




## САРЕСЕП

коомдук-аналитикалык гезити

**ЖАЗЫЛУУ БАРАКЧАСЫ**

Жазылуу жүргүзгөн киши ______________________
Телефону ______________________

**Абонент туралуу маалымат**

Аты-жөнү ______________________
Дареги ______________________
Болжолдуу жайлар ______________________
Телефону ______________________
Кесиби ______________________
Төлөмү ______________________
Колу ______________________
Күнү ______________________

**Урматтуу окурман!**
Саресеп гезитине жазылуу башталды. Бул дүмүрчөктү толтуруп, сүрөтүн вотсаптан салыңыз. Акчасын Эл-сом аркылуу 0555 204 571 номуруна жиберсеңиз болот. Жазылуу баасы: 1 жылга 700 сом, жарым жылга 350 сом

**Эскертүү:** Урматтуу абонент, эгер гезит баруучу дарегиңиз өзгөрө турган болсо редакцияга алдын ала кабарлап коюуңузду өтүнөбүз.

**Редакциянын дареги:**
Бишкек шары, Фрунзе көч., 387(Карпинка көчөсү менен кесилишет). 1-кабат 0(312)680734
**Э-почтасы:** saresepkg13@gmail.com
**Интернет баракчасы:** www.saresep.kg
**Фейсбук:** https://www.facebook.com/saresep.geziti.3

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
Шашылганда шап келет
БАШТАЛЫШЫ 40 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА 10 сом
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!
